кырг
Б72

КАМБАРАЛЫ
БОБУЛОВ

С кырг.
Б-72.



# ТАҢ ШООКУМУ

M



К2 С кирг
572

КАМБАРАЛЫ БОБУЛОВ

# ТАҢ ШООКУМУ

ЫРЛАР

ОШСКАЯ
областная
БИБЛИОТЕКА
Инв. №
258560
АБОНЕМЕНТ
край

«МЕКТЕП» БАСМАСЫ ФРУНЗЕ — 1977

Б 72

Бобулов К.

Б 72 Таң шоокуму. Ырлар. (Жаштар үчүн). Ф., «Мектеп», 1977 ©

108 бет.

Бул китепке акындын ар кыл темадагы ырлары топтоштурулду.

С (Кирг)

Б $\frac{743—186}{М\ 452\ (17)—77}$ 230—77

© Издательство «Мектеп», 1977

# АТА
# ЖУРТ





## КУСА БОЛУУ

Ала-Тоо гөөхар таштанбы,
Ойлосом ысык жаш тамды.
Аймагын бүткүл кучактап,
Жүрөккө кысып жатсамбы...

Ысык-Көл тунук жаштанбы,
Эстесем мелт-калт жаш тамды.
Толкунун бекем кучактап,
Түбүндө уктап жатсамбы.

## МЕКЕНИМ БАРДА, МЕН БАРМЫН

Мекеним барда, мен бармын,
Мекеним барда Камбармын.
Мекеним сүйүп өссө экен,
Жанымдай көргөн балдарым.

Мекеним барда мен бармын,
Мекеним барда Камбармын.
Унутпай жүрөр мекеним,
Артымда калса ырларым.

* * *

Басканымда кызыл аянт үстүнөн,
Кубат алам кызыл туудай түсүнөн.
Тилеги бир эмгекчилер дүйнөлүк,
Шыктанышат Кремлдин күүсүнөн.

Чарчап келсең көсөм жаткан аянтка,
Ээ болосуң талыбаган канатка.
Ушул жерге жетсек дешип умтулат,
Индус, немец, эрк талашкан араб да.

Ушул жерде душман турса апкарып,
Ушул жерде достор турат катарга.
Качан келсең Ленин сүйлөп жаткансыйт,
Жол көрсөтүп кары менен жаштарга.

## АЛА-ТООДО САЛТАНАТ

Бүгүн бизде, Ала-Тоодо салтанат,
Эр жигиттер тандап минип тулпар ат.
Чек арада таң эртеңден турушат,
Конок күтүп, достор күтүп жол карап.

Бүгүн бизде, Ала-Тоодо салтанат,
Кыз-келиндер ыр ырдашып, каткырат.
Ар бир үйдө кең дасторкон жайылып,
Урмат менен конокторду чакырат.

Бүгүн бизде, Ала-Тоодо салтанат,
Достор келип, достор бизге кол сунат.
Душмандардын ичи күйүп өрттөнүп,
Ызасынан кан жуткандай кумсарат.

Бүгүн бизде, Ала-Тоодо салтанат,
Кыргыз гүлдөп бүт дүйнөгө мактанат.
Элүү жылда таанылгыстай өзгөрдүк,
Ар бир үйдө өкүм сүрүп жаңы салт.

Бүгүн бизде, Ала-Тоодо салтанат,
Эр жигиттер тандап минип тулпар ат.
Чек арада таң эртеңден турушат,
Конок күтүп, достор күтүп жол карап.

* * *

Барып калсам атактуу ГЭС Токтогулга,
Нарын суусу даяр экен октолууга.
Бул жерде эмгек кайнайт, мээнет кайнайт,
Бир мүнөт убакыт жок токтолууга.

Барып калсам атактуу ГЭС Токтогулга,
Жарыш үчүн даяр экен бүт камылга.

Бул жерде бош жүрүүдөн уяласың,
Баш көтөрбөй иштеп жатса эл жабыла.

* * *

Таалайдын суусу Нарынбы,
Кучагын жайган жарымбы.
Жүрөккө жаккан дарымбы,
Угайын күчтүү шарыңды.

Жээгиңде турсам—жалгызмын,
Агымың күчтүү алсызмын.
Күрпүлдөп Нарын ага бер,
Элиме бүткөн ырысым.

## ПУШКИН АГА

Пушкин, Пушкин—кыргыздардын акыны,
Ойноп-күлгөн Ала-тоону аралап.
Пахтачынын, жылкычынын жакыны,
Айлуу түндө,
Алар менен суу сугарып, ат багат.

Пушкин сүйлөп кыргыздарды күлдүрүп,
Ар бир үйдүн төр жагында отурат.
Көрөбүз деп жолдор жүрүп күнчүлүк,
Элдер келет, элдер келет топурап.

Эч түгөнбөйт улуу топтун аягы,
Карысы да, жашы дагы умтулат.
Эң ынагы, жүрөктөшү сыягы,
Кулак түрүп, кол чабышып, умсунат.

Пушкин ага — акындардын акыны,
Пушкин ага — кыргыздардын жакыны.
Күндөр өтсүн, жылдар өтсүн мейлиге,
Күчөй берет анын өчпөс жаркыны.

## ЖАМГЫР ЖӨНҮНДӨ ТОЛГОНУУ

Аптап кайнап: талаа какшып, чөл кургап,
Пахта турат, кызылча да суу сурап.
Табийгаттын эмне деген жоругу,
Көптөн бери жамгыр койбойт тамчылап?

Жамгыр жаабайт: жаабаганы жаман кеп,
Элдер чоочуйт эмне болуп кетти деп.
Үмүт үзбөй күнү-түнү талаада,
Колхозчулар суу үнөмдөйт түйшүк жеп.

Жамгыр жааса малчыларга жакшы кеп,
Балдар ойнойт жуурат ичип, каймак жеп.
Мейман келсе үйдүн ичи кубаныч,
Жүз да жарык: казан толо бышкан эт.

Жамгыр жааса колхозчуда мартчылык,
Кампа толо кызыл буудай тапшырып.

Орден алып, алкыш алып өлкөдөн,
Эл турмушу андан бетер жакшырып.

Күн күркүрөп, жамгыр жаачы суранам,
Жамгыр жааса тандыр толо аппак нан.
Жамгыр жааса, ырлар жазып, шык жанып,
Жалпы журтум мен да сендей кубанам!

1-июнь 1975-ж.

## ЭНЕ ЖӨНҮНДӨГҮ ЫРЛАР

### Апама

Мен түшүмдө ажыдаар менен беттештим,
Эрме чөлдө өзүм жалгыз баратып.
Оп тартыштым, жалтанбастан тиктештим,
Атаандаштым... Күн кеч кирди... таң атып.

Көз ирмедим... капысынан алдырдым,
Көздөн учуп чагылгандын оттору.
Апа!—дедим, жардам сурап чакырдым,
Жетип келди анын мээрим колдору.

Көзүм ачсам апам турат башымда,
Эси чыгып, жанын үрөп кагылып.
Апа деген жакының да, багың да,
Кубангандан жашым кетти агылып.

Бакыт конуп, дөөлөт келип турганда,
Аз эстейбиз алдейлеген апаны.
Азап түшүп, айла кетип курганда,
Жанталашып чакырабыз биз аны.

Кези келсе, аял чанат кутуруп,
Арт жагыңдан сөз ээрчитип миң наалат.
Эң бир сонун жактарыңды унутуп,
Аянбастан душманыңдай өч алат!

Дос да качат саламдашпай терс карап,
Жатсаң дагы көз тунарып, уу жутуп.
Кээ биреөсү кытмыр күлүп табалап,
Ооз учунан көңүл айтат кубултуп.

Жалгыз гана бул дүйнөдө чанбаган,
Сен урматым, сен кубатым, апажан!

1968-жыл.

## АПАМДЫН МҮРЗӨСҮНДӨГҮ СӨЗ

Апаке, торко болсун топурагың,
Мүрзөңдө жаш баладай буркураймын.
Эң жакын өзүң элең күйөрманым,
Айрылдым, тагдырымды не кылайын!

Апаке, жаткан жериң болсун мамык,
Боздоймун күйүтүмдөн жан карарып.

Мен үчүн мындан кыйын жоготуу жок,
Туугандар, жакын достор, журт калайык!

Апаке, Ала-Тоодой медер элең,
Айлыма өзүң үчүн келер элем.
Жашырбай өтө кылдат сырларымды,
Кайгымды, кубанчымды төгөр элем.

Үй турат, айыл турат, баары толук,
Өзүң жок—мен турамын жетим болуп.
Эч качан угалбаймын сөздөрүңдү,
Эч качан табалбаймын мен өзүңдү!

Апаке, жаткан жериң болсун мамык,
Боздоймун күйүтүмдөн жан карарып.
Мен үчүн мындан кыйын жоготуу жок,
Туугандар, жакын достор, журт калайык!

* * *

Кайгыдамын, кайгым менин океан,
Жер майыштым, мен айрылып апаман.
Апа деген күн экен го балага,
Түбөлүккө нурун төгүп жашаган.

Кайгыдамын: кайгым менин ченемсиз,
Кантип жашайм, кантип күлөм энемсиз.
Эне деген чынар тура кол жеткис,
Эне деген Мекен тура чоң деңиз.

Кубанганда кимге барып сыр айтам,
Эми кимге кыйналганда муң айтам.
Айталбаймын, айталбастан суз кайтам,
Бул дүйнөдө мээрибаным жок апам.

## ЫСЫК-КӨЛ ЫРЛАРЫ

### 1. Ыйык-Көл

Толкуну тоодой ташыган,
Ысык-Көл сага ашыгам.
Түшүмө кирсе элесиң,
Жаш бала сындуу жашыгам.
Ысык-Көл өзүң Ыйык-Көл,
Кыргызга бүткөн башынан.

### 2. Ысык-Көлүм

Чабак уруп толкунуңда ойнодум,
Көңүл ачып көк жээгиңди бойлодум,
Ак балыктай түпкүрүңө сүзсөм да,
Ысык-Көлүм кумарыңа тойбодум.

Арып келсем кубатымсың, демимсиң,
Ар оорудан айыктырар эмимсиң.
Тирүү эмес, өлүү жанды козголткон,
Ысык-Көлүм эмне деген сезимсиң?

Жанга дары күрпүлдөгөн толкунуң,
Угулгансыйт музыкадай шоокумуң.
Атырылсаң асман менен тирешип,
Ысык-Көлүм кана түшөт моокумум.

Толкун өтүп, туруп калсаң мелтиреп,
Жүрөк түшкүр токтоналбайт титиреп.
Үстүндөгү ойноп жүргөн ак чардак,
Ысык-Көлүм кучагыңа бир тиет.

Чабак уруп толкунуңда ойнодум,
Көңүл ачып көк жээгиңди бойлодум.
Ак балыктай түпкүрүңдө сүзсөм да,
Ысык-Көлүм кумарыңа тойбодум.

### 3. Ысык-Көлдүн толкуну

Ысык-Көл шамал жүрсө түрмөктөлөт,
Толкуну тоодой болуп үймөктөлөт.
Жээгинде көзүң жумуп тыңшап турсаң,
Жаткансыйт жер астында жер дүңгүрөп.

Ысык-Көл айбат кылат оп тартчудай,
Адамды ат үстүнөн оодарчудай.
Коркоктор түңүлүшөт жандарынан,
Арга жок кутулуудан соо калчудай.

Ала-Тоо Ысык-Көлдүн толкуну го,
Серпилип көк асманда катып калган.

Ысык-Көл Ала-Тоонун шоокуму го,
Астында кучак жайып жатып калган.

## 4. Көл жатат

Көгөрүп мында көл жатат,
Үстүндө ойноп ак чардак.
Жүрөмүн мында зеригип,
Келсеңчи жаным батыраак.

Көгөрүп мында көл жатат,
Көбүгү көккө чачырап.
Сүзөлү бирге жанашып,
Келсеңчи жаным шам чырак.

Көгөрүп мында көл жатат,
Көгөрүп мында таң атат.
Көгөргөн таңда жапжалгыз,
Эстесем сени жан катат.

## 5. Сиз Ысык-Көл...

Сиз Ысык-Көл толкун өтүп токтогон,
Мен Нарынмын кирген буура окшогон.
Жаныңыздан зуулап сызып баратсам,
Үн угулат ким бирөөнү жоктогон.

Сиз Ысык-Көл конок күткөн мелтиреп,
Мен Нарынмын агып жаткан күркүрөп.



258560

Тоолор ашып, тоолор бузуп келейин,
Кучак жайчы, Ысык-Көлүм бир ирет.

## 6. Көңүлүмдө көл толкуйт

Көңүлүмдө көл толкуйт,
Көбүгү көккө чачырап.
Күрпүлдөп келип урунуп,
Берметин төгүп чачылат.

Толкуну ташып тоо болуп,
Жалама зоого урунат.
Томкоруп аны кетчүдөй,
Токтобой неге жулунат?

Көңүлдө учуп ак чардак,
Көк асман качан ачылат?
Бейкуттук турмуш кез келип,
Бороонум качан басылат?

## 7. Өмүрүмдүн жылдыздары

Ысык-Көлүм күрп-шарп этет,
Арасынан күн жарк этет.
Карай берип кубулганын,
Ар бир адам жан сергитет.

Ысык-Көлдүн шарпылдагы —
Турмушумдун жаркылдагы.

Кучагында чабак урсам,
Коңул түшкүр жанды дагы.

Ысык-Көлдүн толкундары,
Жүрөгүмө болду дары.
Кубатыңан кайра күйдү,
Өмүрүмдүн жылдыздары.

## ИСПАНИЯ, ИСПАНИЯ!..

Испания, желдеттериң баш алууда,
Баск жеринде ата-энемдин жашы агууда.
Курман болгон курбуларым, инилерим,
Тик карагын канкорлорго жан чыгууда!

Испания — тогуз тоому кандуу жолдун,
Испания — кучагында темир тордун.
Азаматтар чымырканып күрөшүүдө
Чынжыр бузуп, кан тырмактуу диктатордун.

Испания — капкараңгы түнүм болдуң,
Испания — кайталанган түшүм болдуң.
Испания — озондогон үнүм болдуң,
Испания — өң аздырган үшүм болдуң.

Испания — каным бирге боорум болдуң.
Испания — айыкпаган оорум болдуң.
Айбачы жалгыз өзүм көтөрөйүн,
Азаптарын алдыдагы татаал жолдун.

Испания, Испания, башты көтөр,
Мезгил эмес жер кучактап жашты төгөр.
Доллорестей ак чач болгон энебиз бар,
Туюктардан жеңиштерге жол көрсөтөр!

## АТА МУРАС

Карылар сылап коюп сакалдарын,
Сүйлөшөт кыргызымдын макалдарын.
Жарк эткен учкул сөздүн саптарынан,
Угамын кылымдардын акылдарын.

Акылдар макалдарда уюп жатат,
Жүрөгүм азыр гана туюп жатат.
Шекспирлер өтсө керек сүйлөп-сүйлөп,
Илгери кат таанибай, атаганат!

Ойлосом ушуларды жашым төгөм,
Кайгырып, капаланып төөдөй чөгөм.
Элимдин эгер болсо Пушкиндери —
мактанып... тийбейт беле көккө төбөм!

Кантсе да ата-бабам кур жатпаптыр,
«Манастай» теңдеши жок ыр саптаптыр.
Чабуулда, кармашууда күн өткөрүп,
Биздерге ата мурас сыр сактаптыр...

Карылар сылап коюп сакалдарын,
Сүйлөшөт кыргызымдын макалдарын.

Жарк эткен учкул сөздүн саптарынан
Угамын кылымдардын акылдарын.

## ТУУЛГАН АЙЫЛЫМ ЖҮРӨКТӨ

Туулган айлым, жайы-кышы шашып келем,
Алыс жактан аска тоолор ашып келем,
Жүрөк толкуп жаш баладай жашып келем,
Сагынычым мелт-калт болуп ташып келем.

Келген сайын аралаймын кумар канбай,
Кырларыңа чуркап чыгып жаш баладай.
Отурамын күн батканча көзүм албай,
Бала кезди эске салып талдай-талдай.

Туулган айлым, чагылгандай сезимдесиң,
Ырларыма шык жандырып кубат берген.
Бүлбүл эткен наристелик кезимдесиң,
Жылаңаяк ой-кырыңдан текей терген.

Башкаларга боз айылсың катардагы,
Чаң аралаш комсоо, көзгө түнт көрүнгөн.
Сен мен үчүн ыйык жерсиң жанга дары,
Арыгыңдан суу ордуна сүт төгүлгөн.

Кайда жүрсөм, туулган айлым, жүрөктөсүң,
Эстей берем — түн өтпөсүн, күн өтпөсүн.

Кечирип кой ыр арнадым чабалыраак,
Менден кийин
Менден кыйын уул-кыздарың сүрөттөсүн.

## АЙЛЫМ БАР...

Айлым бар, менин айлым бар,
Шаңкыган дайра боюнда.
Элеси турар жаркырап,
Ар дайым көңүл — оюмда.

Айлым бар, менин айлым бар,
Көгүлтүр тоонун койнунда.
Эстеген сайын зымырап,
Жетемин учкул оюма.

## ТУУЛГАН АЙЛЫМ ӨСӨРҮМ

Туулган айлым Өсөрүм,
Турумтай кезден көтөрдүң.
Турмушум түгөл бүткүчө,
Туу кылып сени өтөрмүн.

Көркөмсүң мага, көркөмсүң,
Көп эле көргөн айылдан.
Балалык калган өлкөмсүң,
Баш учу жоктой жайылган.

## АЛАЙ МОТИВДЕРИ

* * *

Түшкө кирет Чоң Алайдын талаасы,
Тулаңында төрт түлүк мал күтүрөп,
Көзүм жетпейт миң чакырым арасы,
Жылкычысы ат чапкылап, ит үрөт.

Түшкө кирет Чоң Алайдын асманы,
Бүркүттөрү шаңшып учуп, асманда.
Колхозчунун эсен болсун мал-жаны,
Бороон күчөп, кар нөшөрлөп жатса да!

Түшкө кирет Чоң Алайлык сулуу кыз,
Жан кейиткен өткүр тили улуу кыз.
Какшыгына, чымчуусуна кайылбыз,
Таң атарда кесе сунса бал кымыз.

* * *

Чоң Алайдын ашуусу бар ат өтпөгөн,
Ат өтсө да азабына жан түтпөгөн.
Жүрчү Соке, ушул быйыл бир жөнөйлү,
Жай киргенде, суулар кирип күкүктөнгөн.

Чарчабастан өю-кырын кыдыралы,
Жанга дары чөптөрүнөн сыдыралы
Малчылардан жуурат, кымыз сурап ичип,
Өрткө түшкөн чаңкообузду тындыралы.

Бала кездей камчыланып ат чабалы,
Бороон менен бой тирешип от жаналы.

Жамгыр жааса биз жашынып, алачыкка,
Куу арчадан алоолонтуп от жагалы.

Жүрчү Соке, Чоң Алайга бир баралы,
Бала кездей бороон түнү мал багалы.
Бизди аяп сүйүп калса ажеп эмес,
Карыганда өзүңүздү бир жамалы.

Чоң Алайдын ар жагында кыргыз бар,
(Аналары не болду экен байкуштар).
Түгөттү го кордук кылып силерди,
Эстен тангaн абийири жок жуткучтар.

Эсте турат ошолордун тагдыры,
Эң азаптуу турмушунун тардыгы.
Тилин сүйүп, ырын сүйүп унутпай,
Туугандарым — соо болсо экен бардыгы!

* * *

Мен сагындым Чоң Алайдын кымызын,
Кымыз эмес, кымыз куйган бир кызын.
Жүрөк түшкүр оолукканы эсимде,
Кесе сунуп күлүп койсо тымызын...

Мен сагындым Чоң Алайдын түлкүсүн,
Түлкүсү эмес, кыздарынын күлкүсүн.
Тирүү кезде аны кантип унутам,
Таң атканча ойноп-күлгөн түнкүсүн.

* * *

Ким ичпесе Чоң Алайдын кымызын,
Ким сүйбөсө Чоң Алайдын нур кызын,
Жетсе дагы анын башы асманга,
Көмитиптир турмуштагы жылдызын.

Сен билбейсиң Чоң Алайдын асманын,
Келиндери кереметтүү басканын.
Ошол жолу сүйүп калып бирөөсүн,
Ырлар эмес, арманымды жазгамын.

* * *

Алайдын кызы Анара,
Таарынбай мага оң кара.
Артыңдан жүрүп астейдил,
Болдум бейм абдан убара.

Алайдын кызы Анара,
Жаман көз менен караба.
Жаркылдап неге күлбөйсүң,
Ушакчы барбы арада?

Алайдын кызы Анара,
Кылбачы мени убара.
Достошуп ойноп жүрөлү,
Бек болсун биздин убада.

* * *

Сагындырган алайлык кыз айланайын,
Көптөн бери үмүт үзбөй жол караймын.
Таарындыңбы болжошкон күнү келгениң жок,
Айбым барбы, күнөөм барбы — не кылайын?

Айбым болсо Алайлык кыз айланайын,
Айлыңызга тоолор ашып жөө барайын.
Түшүндүрөм болгон иштин бүт тарыхын,
Эл көзүнчө жер каратпай, кыл ырайым.

Күнөөм үчүн жайы бою чөп чабайын,
Чарчабастан ойдон кырдан көп чабайын.
Өтүнүчүм кулуп койсоң мен бактылуу,
Сен сүйгөнүм, маңдайымда тийген айым.

Сен кааласаң — күлүк менен жарышайын,
Салам бербес касым менен жарашайын.
Көз ирмебей көк жал менен карашайын,
Күлкүң үчүн, бүткүл үчүн өчпөс айым...

* * *

Чоң Алайда улуу тоо бар өтө бийик,
Кыл чокусу баш айлантат көккө тийип.
Атаандашып ошол тоого чыксам деймин,
Өжөрлөнүп, так өмгөктөп, сойлоп жүрүп.

Мен эңсеген улуу тоодо уларлар бар,
Шамал менен тең жарышкан куландар бар.
Ынак курбум, сен билбеген, мен билбеген,
Жомоктогу айтып бүткүс кумарлар бар.

* * *

Кең өрөөнүм кенен жайлоо — Алайым,
Карааныңдан мен болоюн малайың.
Бурганактап көз ачырбай кыш түшсө,
Жалгыз өзүм отун-сууң алайын.

Атагы бар ардактуу жер — Алайым,
Качан болсо кызматыңа жарайын.
Ач көз душман чек араңа кол салса,
Өзүң үчүн өмүрүмдү калайын.

Ак мөңгүлүү, тоосу бийик — Алайым,
Азабыңа, түйшүгүңө даярмын.
Айткым келет, бүт сырымды жашырбай,
Сенсиң менин түгөнбөгөн таалайым.

## БОЛГАР ЫРЛАРЫ

Болгария сулуу өлкө суктанарлык,
Өлкөсүндөй эли сонун жүзү жарык.
Жаш-карысы «добре»[1] деп тосуп алат,
Мейман келсе ак пейилден кучак жайып.

[1] «Добре» — жакшы деген мааниде.

Болгария сулуу өлкө суктанарлык,
Гүлгө толгон жери сонун бир ажайып.
Советстандан мейман келсе тосуп алат,
Тууганындай кубанычта кучак жайып.

Болгария сонун өлкө суктанарлык,
Тагдыры бар, таалайы бар кубанарлык.
Мунун баарын укканым жок, көрүп
келдим,
Өткөн жылы досторума өзүм барып.

* * *

Кыз-келини назик экен болгарлардын,
Жүзүн көрүп, шарап ичпей эстен тандым.
Кыялдары Ала-Тоонун кыздарындай,
Көз карашы жылдызындай аткан таңдын.

Эпсиз жерден эл көзүнчө каткырышпайт,
Көпкөлөң көйрөңдөрдү жактырышпайт.
Көңүл түшсө байкатпастан башын чайкап,
Жүрөгүндө, көздөрүндө сырын сактайт.

* * *

Болгария! Кышта соолбос гүлдөрүң бар,
Гүлдөрүңдүн мукам-мукам үндөрү бар...
Биринен бири сонун. Көзүм тойбойт,
Гүлдөрүңдүн дагы канча түрлөрү бар?..

## ОШ ШААРЫМ

Жанымдай көргөн Ош шаарым,
Тууруңда өстү жаш чагым.
Дагы эле эстен кете элек,
Багыңда күлгөн, басканым.

Өзгөрдүң сен да — өзгөрдүм,
Далайды баштан өткөрдүм.
Дагы эле эстен кете элек,
Ак-Буура бойлоп өскөнүм.

Карасам бүгүн башкасың,
Кулпурган сонун жаштасың.
Койнуңда өскөн элдериң,
Кубансын, күлсүн, жашасын!

## АТАК ЖӨНҮНДӨ

Өмүр бою кызыктырат атак-даңк,
Кыз баладай жол каратып, туйлатып.
Жалт көрүнүп, жакындатпай закымдап,
Караанына кол жеткирбей ыйлатып.

Ак сүйлөйлү: бала кезде кимибиз,
Эңсебедик Папаниндей болууну?
Ойлой калсак токтоочудай демибиз
Эң биринчи Айга жетип конууну?

Таң аткыча жылдыз санап түндүктөн,
Учкул кыял уя салып сезимде,
Эрдик самап эчен сонун түн өткөн,
Оттой жанган өспүрүмдүк кезимде.

Ак сүйлөйлү: кызыктырат атак-даңк,
Кыз баладай жол каратып, туйлатып.
Жалт көрүнүп, жакындатпай закымдап,
Карааныңа кол жеткирбей ыйлатып.

## ЖАШОО КЕРЕК

Жашоо керек жалын болуп, от болуп,
Былгыбастан, ракетадай октолуп.
Тагдырыңа көңүл тоюп, ой толуп,
Өлсөң дагы сен жүрөсүң жоктолуп.

Жашоо керек жүзүң жарык жаркылдап,
Атка умтулуп эң адилет дегизген.
Досуң эмес душманың да баркылдап,
Мактап турсун өлгөнүңдө эрксизден.

Жашоо керек ак мөңгүдөй таптаза,
Журт көзүнө, дос көзүнө тик карап.
Атка конбой жек көрүмчү беймаза,
Абийириңди атаң сымак ардактап.

Күн көргүчө бетиң кара... жашынып,
Өмүр бою баш көтөрбөй басынып.

Жашаганча шермендеңди жашырып,
Өлүү керек бел курчооңо курчанып.

## ЖАШОО КЫЗЫК

Жашоо кызык: бул турмушта сый куруп,
Аял сүйүп, шарап ичип кутуруп:
Душман күтүп, бирде жеңип кулпуруп,
Кайгы тартып, бирде кокус уткуруп.

Жашоо кызык: бул турмушта уу жутуп,
Азап тартып, сабак алып катаңдан.
Жаның сатпай, намысыңды бек тутуп,
Чыгып калбай курбулардан, катардан.

Жашоо кызык: өмүр бою түрмөдө,
Жандан кечпей, үмүт үзбөй күрөшүп;
Караңгы түн каптап калган күндөрдө,
Алсыздарга тирек болуп, сүрөшүп.

Бирок өлүм коркуталбайт мөгдөтүп,
Өлөр элем эрдигимди далилдей.
Ыйлабастан көз жашымды көлдөтүп,
Мекен үчүн Фучик менен Жалилдей!

## ЖОЛДОШТОРГО КАЙРЫЛУУ

Жолдоштор, жолдошторум —
жолборсторум
Тирүүдө бирге жүргөн чын досторум.

Жүрөктө кайнап жаткан сөздөрүм бар,
Уккула көңүл буруп бир топторуң...

Балдар элек, балдар элек, ак жүрөк,
Тайманбастан эл алдында чын сүйлөп.
Мезгил менен таң каларлык өзгөрдүк:
Кээ бирөөбүз күн көрөбүз бүжүрөп.

Жыл сайын ынак достор аз калууда,
Алыскы жол жүргөндөй тандалууда.
Кээлери буттан тартып, кээ бирөөсү
Тымызын былгып коюп «тынч калууда».

Жолдоштор ушул беле биздин тилек:
Жаш кезде кызууланып не дечү элек?
Ойлосом анын баары сөз экен го,
Турмушка тең келбеген боюн тиреп.

## АРНООЛОР

### КУТТУКТОО

Аалыкем сүзгөн кемедей,
Толкунду жирейт кенебей.
Элүү жыл кылды кызматын,
Эмгегин элден ченебей.
Калеми курчуп кайраттуу,
Жетимиш жашка кебелбей.
Жаркылдап күлүп олтурат,
Жылдызы жанган берендей.

## ЭМНЕЛИКТЕН ТҮШТӨРҮМ КАН!..

*Темиркул Үметалиевге*

Бала элем да: кан майданга катышпагам,
Ок аралап, душман менен атышпагам.
Тогуз жүз күн фашисттердин курчоосунда,
Ачкалыктан Ленинградда карышпагам.
Чымырканып узун жолдун чарчоосунда,
Жырткычтардын ордосунда барышпагам.
Анда неге уктап кетсем түн жармында
Жабыр тартып: түштөрүм кан, көздөрүм кан?..

Түштөрүмдө жүрөк эзген ый угулуп,
Энелердин ыйларынан күн тутулуп.
Наристелик беттеримден жаш чубуртуп,
Каргашалуу кабарлардан кан жутулуп.

Бала элем да: кан майданга катышпагам,
Душман менен өзүңчүлөп атышпагам.
Түшүндүрчү, чоң казаттын эр жоокери,
Эмнеликтен уктап кетсем түштөрүм кан?..

## АЛЫКУЛ АК БОЗ АТКА КАМЧЫ БАСАТ

Алыкул ак боз атка камчы басат,
Жаныбар канат байлап учат, сызат.
Байгеде теңтайлашып келе жатат,
Дүңгүрөп, таман кызып жүз күлүк ат.

3—313

Алыкул ак боз атка камчы басат,
Жаныбар тик түйүлүп тоолор ашат.
Кылчайып арт жагына карап койсо,
Тер баскан ондой күлүк жол талашат.

Алыкул ак боз атка камчы басат,
Жаныбар жел кубалайт, көңүлү шат.
Арданган, чымырканган, намыстанган,
Туягы беш күлүктүн тыбырашат.

Алыкул ак боз атка камчы басат,
Жаныбар мезгил менен атаандашат.
Жек көрүп ызаланып, ызырынып,
Калгандар терге батып көбүк чачат...

Алыкул ак боз атка камчы басат,
Алкынтып максатына улам шашат,
Ишенем, чарчоо билбей татаал жолдо,
Бейтааныш муундар менен амандашат.

## БҮБҮСАРАНЫН ЭСТЕЛИГИНЕ

Сен бассаң — биздин көчө жарык болчу,
Бийлесең — биздин жүрөк карып болчу.
Сахнада жетимсиреп ордуң турат,
Эжекем Аккуу болуп кайра кончу!

Көрк элең, көркөм элең бир ажайып,
Ак куудай Ысык-Көлдө кучак жайып...

Өттү деп укканымда Бүбүсайра.
Өксүдүм: ээним кейип, жан кашайып!

Сен элең кыргызымдын эрке кызы, —
Дилинде жанып турган нур жылдызы,
Чок түштө капилеттен жалп дей түштүң,
Түшүнбойм: табийгаттын не кылмышы!

Сен бассаң — биздин көчө жарык болчу,
Бийлесең — биздин жүрөк карып болчу.
Сахнада жетимсиреп ордуң турат,
Эжеком Аккуу болуп кайра кончу!

## СООРОНБАЙГА АЗИЛ КАТ

*(«Кымбатымдын» мотиви менен)*

Ырларыңда пейлиң кенен, мейман доссуң,
Көп барктабайсың берекелүү кыргыз
тоосун.
Кымызга мол жайда күттүм, үмүт үзбөй,
Салтты сыйлап үйгө кел деп койгон жоксуң...

Ырларыңда Ысык-Көлдөй берешенсиң,
Атырылып аны менен тирешесиң.
Жүзүмгө мол күздө күттүм, чакырбадың,
Мындан кийин ырларыңа ким ишенсин?

Ырларыңда атырылган Ак-Буурасың,
Үйгө кел деп той тамаша сый курасың...

Кулак түрүп кышта күттүм, чакырбадың,
Айтчы Соке, кайсы күнү уяласың?

Жаз да келди таң аткыча булбул сайрап,
Көз кандырып, жашыл тоодо гүлдөр
жайнап.
Канткен менен үмүт үзбөйм али деле,
Чакырар деп кокусунан кудай жалгап.

## КУЛДУГУМ БАР

*Мухтарга*

Кулдугум бар жашың улуу жан достум,
Кыйын кезде акыл айтып, ой коштуң.
Түйүнү көп түрмөк-түрмөк сырлардын
Жибин тартып, түн уктабай болжоштуң.

Чоң ырахмат жолуң улуу жан достум,
Татаал кезде терс карабай кол создуң.
Жолукканда кайрат берип үйрүлүп,
Жаның күйүп ички сырым толгоштуң.

## КИТЕБИҢ ЖОК

*Казактын акыны Музафарга*

Кампайып мында жүрсөм көңүлүм ток,
Музаке, жол караткан китебиң жок.

Телефон чалганыңда кубангамын,
Абасы белек берген балага окшоп.

Жок карайм... бир апта өттү китебиң жок,
Ишенбейм, аны болжоп, муну болжоп.
Китебиң же болбосо жоголдубу,
Калактын талаасында мени жоктоп?

Жол карайм... бир ай өттү китебиң жок,
Ойлонсом, калганбы деп почто токтоп.
Китебиң же болбосо кайыктыбы,
Курдайдын бороонунда миң шолоктоп?

### БЕКСУЛТАНга

Таскакта курбум, таскакта,
Аргымак аттай жүгүрүп.
Кубатың барда, жаш чакта
Кала көр иштеп үлгүрүп.

Пенсия алган кез келет,
Эскерме жазып үшкүрүп.
Кемпириң колдон жетелеп,
Саратан күндө чүчкүрүп.

### УИКУМ КЕЛБЕЙТ

*Ашымга*

Ишнер турса күн нуруңдай татына,
Биз батабыз тирчиликтин сазына.

Макул болуп машакаттуу саатына,
Не жыйнайбыз ач көздөнүп казына?

Пайдасы жок буюмдарга кул болбой,
Жаным курбум, заман үчүн иштесек;
Канааттанбай, кол жеткенге токтолбой,
Жанды сабап чымыркансак, тиштенсек.

Жаш эмеспиз, учур келди таш чайнар,
Ат угулуп, эр азамат дедиртип.
Жатып алсак башты чүмкөп ич кайнар,
Кийим бүтүн, курсагың ток керилип.

Жетип калдык отуз жаштын белине,
Ойлойсуңбу көзгө толор иштер жок.
Калтыргансып улуу мурас элине,
Биз жүрөбүз камырабай көңүл ток.

Биздей чакта ооруп жатып Осмонов,
Пушкин, Шекспир, Шота менен ой жоруп,
Намыстанып улуу ишке кол созуп,
Койгон тура отуз тоону томкоруп.

Кимдер билбейт замандашың Чынгызды,
Бүт ааламга маалим кылган кыргызды.
Кыркка жетпей алп эстелик тургузду,
Суктандырып адам эмес, жылдызды.

Семирбейли жеңил-желпи мактоого,
Көрүнгөнгө кыр көрсөтүп сенсиреп.

Учур келди карыздарды актоого,
Сүзүп өтүп толкундарды биз жиреп.

Уйкум келбейт ушуларды ойлосом,
Кумдуу чөлдө адашкандай тентиреп.
Кээ бир күнү көз ирмебей таң тосом,
Калем кармап, кагаз тиктеп мелтиреп.

Иштер турса күн нурундай татына,
Биз батабыз тирчиликтин сазына,
Макул болуп машакаттуу саатына,
Не жыйнайбыз ач көздөнүп казына?..

## АКЫН ДОСУМА КАТ

*Жалилге*

Мезгилдин ылдамдыгы ок болдубу,
Күндөрдүн ырайымы жок болдубу?
Токтобой, аяп койбой жылдар шашат,
Жан курбум, тагдырдын бул не зордугу?

Кылчайчы, кечээ гана балдар элек,
Чуркаган күнү-түнү жер тепкилеп.
Кайрылбас түш сыяктуу күндөр кана,
Кулундай «шапар тепкен» сүт эмгилеп.

Жетилдик, кат тааныдык, бой көтөрдүк,
Өчпогон үмүт менен күн өткөрдүк.

Дуулаган балалык чак артта калып,
Турмуштан ачуу-таттуу жеп да көрдүк.

Толкундап уйку, безип, ырлар жаздык,
Чыкпаса газетага оңдоп жаздык.
Капыстан бирөө — жармы жарк дей түшсө,
Кубанып, жерге батпай, көйрөң бастык.

Окудук борбор шаарда атаандашып,
Жадабай ийне менен кудук казып.
Билгенге ошол күндөр бакыт экен,
Кайрылбас ыйласак да жаш агызып.

Адабий талкууларда сөз талаштык,
Тартынбай, улуу дебей жакалаштык.
Болоттой кетилбеген көз экен го,
Жыйырма, жыйырма беш жаш — өткүр
жаштык.

Мынакей, даван аштык, отуз аштык,
Кырк жашка кадам бастык, жакындаштык.
Бизди эми, жигит дебей, киши дешет,
Ушул сөз жан күйгүзүп, жанды тешет.

Мезгилдин ылдамдыгы ок болдубу,
Күндөрдүн ырайымы жок болдубу?
Токтобой, аяп койбой жылдар шашат,
Жан курбум, тагдырдын бул не зордугу?

* * *

Бала кезде жорго минип желдирбедим,
Кетмен чаптым, эгин ордум, машак тердим.
Ушул күнгө угулгансыйт кулагыма —
Муң ырлары жесир калган жеңелерим.

Бала кезде эркин ойноп, элирбедим,
Түйшүк тартып, баркын билдим асыл
тердин.
Азыр дагы көз алдымда элестери —
Уулун жоктоп бетин тыткан энелердин.

## ТҮНКҮ ТОЛГОНУУ

Ай караңгы. Көңүлүм да караңгы.
Караңгыда таппай калам амалды.
Эрмек кылып уч-кыйырсыз кыялды,
Мингим келет камчыланып шамалды.

Ай да жарык. Көңүлүм да жапжарык,
Суктанамын сөз табалбай апкарып.
Мингим келет жылдыздарды кулактап,
Ойноп күлүп бүт ааламга каткырып.

## КАРКЫРАЛАРГА КАЙРЫЛУУ

Кайдасыңар, кайдасыңар каркыралар,
Жер кыдырып ойноп жүргөн ардактуулар.

Бир жыл бою үмүт үзбөй жолдор карайм,
Учуп кайра келбедиңер ушул сапар.

Кайдасыңар, кайдасыңар каркыралар,
Чыйрак бекен, өткүр бекен канатыңар.
Жеңил болсун, ак жол болсун сапарыңар—
Жолуңарда үч-кыйырсыз океандар...

Кайдасыңар, кайдасыңар каркыралар,
Билдиргиле эмне деген кабарлар бар.
Тынчым кетип, жакам кармап отурамын—
Жолуңарда Гималайдай тар ашуулар...

Кайдасыңар, кайдасыңар каркыралар —
Каркыралар — өзүм күткөн жаркын ырлар.
Шыгым жанбай, сөз чуурубай отурамын,
Ошон үчүн сабырым суз, көңүлүм тар.

* * *

Кеч күздө жалбырактар саргайып,
(Түшүнбөйсүң тагдырдабы, кимде айып).
Ойлоп-ойлоп өкүнөсүң эрксизден,
Күн батарда, жүрөк сыздап сумсайып.

Кечээ гана жаш өмүрүң жаз болуп,
Жүрбөдүңбү ойноп-күлүп мас болуп.
Ойлободуң күрүлдөгөн жаштыгың,
Коштошот деп конокко окшоп аз конуп.

Жалбырактар улам түшсө бириндеп,
Канаттары көпөлөктөй дирилдеп.
Капа болуп кайгыргандан не пайда,
Жашоо керек кирген суудай күрүлдөп.

## ЖАЗ ЖАМГЫРЫ

Таң аткыча жамгыр жаады дыбырап,
Кытыгылап, кулагыма шыбырап.
Кокусунан добул соксо гүрүлдөп,
Бүткүл денем сезип жатты дүрүлдөп.

Денем сүйүп, жаным сүйүп жыргадым,
Эске түшүп бала чактык жылдарым.
Козу карын терип жүргөн жылдарым,
Өзүң билген, өзүм билген сырларым.

Жанга дары жаз айынын жамгыры,
Көңүлүмдү көкөлөтүп жандырды.
Көңүл эмес, көккө боёп адырды,
Таң аткыча ойду-кырды кандырды.

## БИРӨӨГӨ

Учурунда көп жасадык доклад,
Асман тиреп, трибунада чалкалап.
Досторуңду канат жайып калкалап,
Жоолоруңду жер мөгдөтүп талкалап.

Тагдыр экен, төмөн түшүп паанайың,
Айыптуудай кол сунасың жалтактап.
Табалабайм, шорду жансың, аяймын,
Боздосоң да кайра келбейт өткөн чак.

## ЖАЙ АКПАЙМЫН

Толкундарым көкүрөктө кайнагам,
Атырылды ырлар болуп кайрадан.
Айырмам жок күрүлдөгөн дайрадан,
Көзүм жетпейт, кайсы күнү жай агам?
Жай акпаймын: атырылам, чамданам.

## МЕЗГИЛ ЖЕҢЕТ

Узун түндө чылым тартып отуруп,
Тоголок кат чийгендерге таңданам.

Чие берсин тоголок кат кастарым,
Мен жөнүндө том-том кылып «дастанын».
Мезгил элек, мезгил чечет дайыма,
Адамдарды калыс коюп жайына.

## МЫНЧАЛЫК...

Мынчалык күйүп — бышып жан сатасың,
Карганып, касам ичип, калпты сүйлөп.

Сендейлер курман кылат атасын да
Өз үйүнө былгытып түтүн үйлөп.

Мынчалык көрүнгөнгө жагынасың,
Ашкере кечирилгис айбың бардай.
Сендейлер курман кылат өз агасын,
Уятка, ар-намыска түк карабай.

Мынчалык жорголойсуң, кор болосуң,
Агызып калп жеринен чолок жашың.
Сендейлер курман чалат жакын досуң,
Корголоп, коргоп жүрүп жалгыз башын.

## МҮНӨЗДҮ ТАЛДОО

Мүнөзүмдө эң бир назик сапат бар,
Сүйгөн жарды көкөлөтүп ызаттар.
Ал дегенде чимирилип кетемин,
Угуп койсун ушакташкан аяштар.

Бирде жакшы, бирде жаман мүнөзүм,
Анын баарын байкап жүрөм бир өзүм,
Табиятым өзгөрбөсө кантейин,
Ага неге кытмырланып күлөсүң.

## ЭР ЖИГИТКЕ НАСААТ

Эр жигит кагыласың, согуласың,
Турмушта көп нерсеге жолугасың.

Кайрадан бакыт консо унут калып,
Эч кимди көзүңө илбей солугасың.
Досту да, душманды да ажыратпай,
Бардыгын бир өзүңө жоо кыласың.
Айрылып канатыңдан, куйругуңдан,
Бир күнү мастыгыңдан соолугасың.

Ошондо арман кылып жашың төкпө,
Кайгы жеп башың салып төмөн чөкпө.
Кайрадан кайраттанып, чымырканып,
Көгөрүп таш тиштегин, умтул көккө.
Эгерде өз атыңды актай алсаң,
Жагасың бирөө эмес, жалпы көпкө.
Кокус сен ызаланып ичип кетсең,
Айтышат «Бир шордуу жан калбыр өпкө».

## ТААЛАЙ ЖӨНҮНДӨ ОЙЛОНУУ

Таалай деген таңкы чолпон жылдызбы,
Жылт көрүнүп күн чыгарда жоголгон?
Кучак жайып эркелеген нур кызбы,
Мурда сүйүп, арт жагынан жоо болгон?

Таалай деген — жеңил кеткен атакпы,
Эр жигитти шылдың кылып көптүргөн?
Арты өкүнүч, каргашалуу чатакпы,
Жер каратып темтеңдетип чөктүргөн?

Таалай деген кызмат эмес ызаттуу,
Терс караган иштен тайсаң кыз аттуу.

Бакыт деген кыйын кезде сен келсең,
Өз калкыңа туу көтөрүп боз аттуу.

Таалай деген жалын болуп күйүү да,
Азаптарды өз мойнуңа үйүү да.
Кулу болбой буюмдардын керексиз.
Ата-Журтту жаның менен сүйүү да.

## КАРЫЛЫК ЖӨНҮНДӨГҮ ЫР

Аскада мөгдөп отурат,
Карылык жеткен ак шумкар.
Көзүнө жашын толтурат,
Учсам деп дагы бир сапар.

Эскерет жаштык кездерин,
Канатын күүлөп кезгенин.
Шукшуруп көктөн качырып,
Чеңгелдеп калтар эңгенин.

Эскерет көктө сызганын,
Тең жарып бороон ызгаарын.
Аскадан типтик качырып,
Тумшуктан коён кысканын,

Эскерсе көзгө жаш толот,
Кайда дем тумшук курч болот.
Табалап күлүп куу түлкү,
Алдынан өтөт жорголоп.

## БЕШИК ЫРЛАРЫ

### 1

Азизбек менин падышам.
Маңдайыма күйгөн шам.
Жаркылдап койсо бир жолу,
Керели кечке үйдө шаң.

Азизбек менин көк жалым,
Көзүндө турат көк жалын.
Азамат болуп чоңойсун —
Ойлогон дайым эл камын.

Азизбек менин шумкарым,
Алыска тынбай учарым.
Канаты дайым жаркылдап,
Кыдырып жүрсүн жер шарын.

### 2

Азизбегим ай бала,
Апасына май бала.
Атасына тай бала.
Төрт түлүгү шай бала.

Апасынын таттуусу,
Атасынын шаттуусу.
Учурунда төрөлгөн
Үй-бүлөнүн бактысы.

Апасынын ардагы,
Атасынын гүл багы.
Айланайын Азизбек,
Эркелеп кой, күл дагы.

3

Кутманым менин кутманым,
Уктагын уулум, уктагын.
Колумда кармап тутканым,
Жамандык сөздү укпагын.

Шумкарым менин шумкарым,
Таң атып барат уктагын.
Турмушта канбас кумарым,
Мойнума таккан тумарым.

## МОЮНГА АЛУУ

Сыр жашырбай айткым келет курбулар,
Бир өзүмдө толуп жаткан сапат бар.
Жакшысы бар жаманы бар — аралаш,
Түшүнгөндөр таразалап салмактар.

Мүнөзүмдө эл жаратпас айып бар,
Билип койсун кызыгышкан зайыптар.
Каным кызуу, жаралыпмын бетке айтар,
Бул жорукту акылдуулар айыптар.

Мүнөзүмдө да бир катуу айып бар,
Сүйгөн жарды иренжитер, айнытар.
Сулуу көрсөм токтоно албай жабышам,
Не кылайын? Урушкула калыстар.

Мүнөзүмдө далай жакшы сапат бар,
Эл алдында жүзүм жарык актанар.
Жолдоштордон кара жанды аябайм,
Жок дебестир көңүлү жакын тааныштар.

Мүнөзүмдө эч кимде жок сапат бар,
Уккан кулак билген адам жактырар.
Кастарымдын ийгилигин куттуктап,
Элден мурун ак пейилден кол сунар...

## ДОСУМ ДЕСЕМ...

Досум десем, кас экенсиң,
Сырттан күлүп, ичтен күйгөн.
Эл куруткан пас экенсиң.

Курбум десем, куу экенсиң,
Жылаан сымак үйгө кирген,
Жер куруткан уу экенсиң.

## ЫРАКМАТ

Тагдыр мени ыза кылып кордосо,
Ошончолук мизим курчуйт болоттой.

Кимдир бирөө жаратымды козгосо,
Багынбастан, баш көтөрөм тоготпой.

Ошон үчүн тагдырыма ыракмат,
Гүл төшөбөй, тикенекке бастырган.
Бошоңдукка жол бербестен ырастап,
Кадам сайын кайрат берип шаштырган.

Ошон үчүн жоолоруму ыракмат,
Азыр кылып, кыйын шартка үйрөткөн.
Маңдайымдан сылабастан ызаттап,
Канатымды тоо бүркүттөй күүлөнткөн.

## ГАМЛЕТ, ГАМЛЕТ...

Гамлет, Гамлет күңгүрөнүп шектенген
Чындык издеп чымырканып кектенген.
Бир суроону миң бир жолу кайталап,
Ойдон азып акыйкатка жетпеген.

Гамлет, Гамлет — асыл курбум тилектеш,
Ой-санааңды өзүм менен илектеш.
Берчи мага кылычыңды курчуган,
Өнүң үчүн королдордон өч алам!

## ТААРЫНЫЧ

Жүрөгүм менин ооруду,
Жүдөтүп жаман тооруду.

Сайышкан сайын жан кейийт,
Жаманбы деймин жоругу.

Жүрөгүм менин алсырап,
Жатканда мында жалдырап.
Жылуу сөз айтып калп эле,
Келбедиң досум ал сурап.

* * *

Түшүнбөсөң адамдардын тагдырын,
Бул турмушта кыйын кезең бардыгын.
Кимге керек үч бөлүктүү роман,
Эптеп-септеп супсак сөздөн куралган?..

Түшүнбөсөң татаал турмуш мазмунун,
Кереги эмне тердеп-тепчип жазуунун?
Адабият талап кылат эрдигин —
Ийне менен терең кудук казуунун.

## СОКУРБАЙ МЕНЕН КОТУРБАЙ

Сокурбай менен Котурбай,
Достошуптур кайрадан.
Кыйышпас эски досторун,
Боктошуптур кайрадан.
Ушактоо, кытмыр жагынан,
Окшошуптур кайрадан.

Сокурбай менен Котурбай,
Касташыптыр кайрадан.
Бирин-бири жамандап,
Сөз ташыптыр кайрадан.
Бузуку өзүң болчу деп,
«Чачташыптыр» кайрадан.

Сокурбай менен Котурбай,
Элдешиптир кайрадан.
Түбөлүккө доспуз деп,
Белдешиптир кайрадан.
Бирин-бири үйүнө,
Кел дешиптир кайрадан.

Котурбай менен Сокурбай,
Үйлөрүндө отурбай.
Тынч жаткан журтту тырмашат,
Эчкиден жуккан котурдай.
Буларды тыйчу бар бекен
Соо адамга жуктурбай.

## УШАКЧЫЛАРГА ЖООП

Душмандарым жатышат дейт ушакташып,
Кубангандан бирин-бири кучакташып.
Түн жамынып, үй кыдырып, той беришип,
Кол кысышып, журттагы жок сөздү ташып.

Айтышат дейт: «Койгон тура тирүү жутуп,
Аппак кууну жарык күндө из суутуп».

Ынак досум ишенсең бул ушакка,
Ыйлап жатса сокур көздөн жаш чууртуп.

Айтышат дейт: «Жеп салыптыр ак кагазды,
Ой шүмшүк ай, бул турмушта кагаз азбы?»
Ушакчынын арасында чотуру бар,
Андан ашкан ичи кытмыр котуру бар.

Ызаланып көп нерседен кечким келет,
Мен алардын тагдырларын чечким келет.
Ошол кезде эл лакабы эске түшөт:
«Битке өчөшүп көйнөк өрттөө кимге
керек?»

## БИР БАЯТТАР

### 1

Уктап кетсем — түшүм болдуң,
Ойгоо турсам — үшүм болдуң.
Чылым тартсам — уусу болдуң,
Көз жашымдын — суусу болдуң

### 2

Өңүмдө Сизге сөз айтсам,
Кабакты түйүп productтыңыз.
Түшүмдө неге жолуксам,
Айттырбай ойду таптыңыз.

* * *

Тууган, тууган деп жүрүп,
Туугандан көрдүм азапты.
Достор, достор деп жүрүп,
Достордон көрдүм «ызатты».

* * *

Кыргызымдын калпагы,
Жанындай көргөн ардагы.
Көркөмүнө суктанат,
Көк булут да, кар дагы.

* * *

Билбеймин дагы кандай күндөр күтөт,
Жүрөгүм өрттөнчүдөй кетет түтөп.
Төбөмдө оролгонсуйт кара булут,
Короомдо тынчым кетип, итим үрөт.

* * *

Сүйүү жана жек көрүү,
Көңүлүмдө бир жүрөт.
Кээде тартып көкбөрү,
Кармашууда өткөрөт!

* * *

Акын болсоң, азамат бол, калыс бол,
Кылымдарга элдин уулу аталып.

Ата-Журтка Кызыл Туудай намыс бол,
Ар бир үйдө урмат менен жатталып.

* * *

Башыма кетти ой батпай,
Безилдеп боздоп «Ой даттай»
Уйкусуз, үнсүз отурам,
Узун түн жеңип таң атпай.

* * *

Жүрөмүн кээде жапжалгыз,
Узак жол басып амалсыз.
Бир ууртам суудан көз учуп,
Отурам чөлдө шамалсыз.

# ЖАШАСЫН СЕНДЕЙ СУЛУУЛУК





## ЖАШАСЫН СЕНДЕЙ СУЛУУЛУК

Сен бассаң талаа кызгалдак —
Гүлдөрү түркүн көздү алдап.
Толкундап кетем жолуксаң,
Көңүлдө эчен сөз тандап.
Алыстап кетсең каламын,
Көргөзбөй сага кол булгап.
Бир жүрөр мезгил бар бекен,
Колуңдан кармап, мен жандап.

Жарк этип койсоң күлкүң бар,
Күлкүңдө сенин мүлкүң бар.
Жомоктоп айтса түгөнбөс,
Суктанткан элди көркүң бар.
Тийишип койсом кичине,
Кулундай ойноп үрккүң бар.
Кыялың эстеп күнүгө,
Арманым ашып болдум зар.

Сөз айтсам аста жылдырып,
Карайсың мени кылгырып.
Жүрөгүм туйлап коркомун,
Коёт деп шагым сындырып.
Антпестен кайра күлөсүң,
Жанымды бир аз тындырып.
Үмүтүм гүлдөп жаркырап,
Ичимден айтам «ырымдык».

Карасам жүзүң туптунук,
Сүйлөсөң турат куллуруп.
Пейилиң менен козгойсуң.
Жүрөктө өчпөс жылуулук.
Сендейди коркпой жараткан,
Табигат деген не шумдук.
Адамдын көзү тийбестен,
Жашасын сендей сулуулук!

## ДААНЫШМАН

Аялдан чыккан даанышман,
Ашыкмын сага алыстан.
Тилегим менин жарк этип,
Кай күнү жакын таанышам.

Көчөдө жүрсөң күн жарык,
Кериле басып сумсайып.
Көп жигит ээрчийт артыңдан,
Билдирбей сага тор жайып.

Ээрчиймин мен да билинбей,
Көпчүлүк элдин бириндей.
Бет келип салам айтаарда,
Көңүлүм кетет дирилдей.

Эринип башың ийкейсиң,
«Мунусу дагы ким дейсиң?»
Изиңе таалай ченеген,
Экеним өзүң билбейсиң!

Артыңда калам телмирип,
Чын сүйгөн белгим билдирип.
Кылчайбай басып кетесиң,
Жүрөгүм канча тилдирип.

Аялдан чыккан даанышман,
Көңүлдө күйгөн жарык шам.
Жүдөтүп мынча кыйнаба,
Жүгүнөм: кулмун тил алсаң!

## ЭСИҢДЕ БЕКЕН!

Алышып ойноп бир жүргөн,
Азилдеп сени күлдүргөн.
Эсиңде бекен күн батар,
Экөөбүз жеген бүлдүркөн...

Болжогон жерде күттүргөн,
Ирмелбей көздөр таң сүйгөн.

Эсиңде бекен айлуу түн,
Экөөбүз качып, ит үргөн...

Мончоктоп жашты төктүргөн,
Жалынтып тизе чөктүргөн.
Эсиңде бекен таң атар,
Алкымдан ээрип өптүргөн...

## КУТ БОЛСУН

Куттуу болсун 8-мартыңыз,[1]
Куп айыксын жүрөктөгү дартыңыз.
Ушул күнү не десеңиз аткарам,
Оор тапшырма көк желкеме артыңыз

Буюрсаңыз улуу тоону омкором,
Көз кыссаңыз берки тоону томкором.
Убалымдан, азабымдан коркпоңуз,
Калсам дагы тоо астында жок добом.

Учайынбы Түндүктөгү уюлга,
Жалтанбастан бороон-чапкын, куюнга.
Күлүмсүрөп жарк десеңиз жетишет,
Башка түшкөн эң азаптуу кыйында.

Чыгайынбы өтө бийик аскага,
Барайымбы Айдан өтүп Марска да.

---

[1] Жусуп Турусбековдун ыр сабы.

Канча бийик көтөрүлгөн көңүлүм,
Өзүңөрдөн түк бурулбайт башкага.

* * *

Оюнуңбу, тамашаңбы,
Тамашаңа мен канамбы,
Же болбосо орто жолдо,
Күлкү болуп жөн каламбы?

Азилиңби, чындыгыңбы,
Жан күйгүзгөн шылдыңыңбы.
Же болбосо күлүп койгон,
Назик иштүү кылыгыңбы?

## ТИЛ АЛБАЙСЫҢ...

Тил албайсың, тил албайсың боздосом,
Тил албайсың мусапырга окшосом.
Алар белең, алар белең тилимди,
Түтөп-түтөп жалыны жок чок болсом.

Тил албайсың, тил албайсың жалынсам.
Тил албайсың жагалданып жагынсам.
Алар белең, алар белең тилимди,
Түн жарымында жанар тоодой жарылсам.

Тил албайсың, тил албайсың багынсам,
Тил албайсың кусаланып сагынсам.

Алар белең, алар белең тилимди,
Эл көзүнчө бут алдыңа жыгылсам...

* * *

Мендеги ойлор жапжарык,
Асманда күйгөн жылдыздай.
Сүйөмүн сени саргарып,
Кыпындай жанга туйгузбай.

Мендеги ойлор туптунук,
Агарган тоонун суусундай.
Жүрөсүң ойноп кулпуруп,
Көгөргөн көлдүн куусундай.

Мендеги ойлор шарпылдап,
Талпынат күчөп Нарындай.
Кезиксең жүзүң жаркырайт,
Коёмун кантип багынбай.

* * *

Жакпадым сага жакпадым,
Сырыңды селки таппадым.
Кечирип койсоң болбойбу,
Бар болсо орой жактарым.

Какпагын жаным, какпагын,
Көбөйтүп жүрөк катмарын,
Көңүлдү таап тил алсаң,
Көтөрүп келем жер шарын.

* * *

Кеңигип калсаң ар дайым,
Көздөрүм менен арбаймын.
Жолугуп калсаң ар дайым,
Жоолугум менен булгаймын.
Өзүңдү сүйсөм, эмне үчүн,
Артыңдан издеп барбаймын?

## САГЫНДЫМ

Сагындым артта калган күндөрүмдү,
Асылжан жылаажындай үндөрүңдү.
Шаңкылдап кучагыма турганыңды,
Эркелеп колтугумда жүргөнүңдү.

Сагындым бет аймалап өпкөнүңдү,
Жалбарып көз жашыңды төккөнүңдү.
Таарынып, кыял күтүп, терс бурулуп,
Коркутуп жүрөк эзген өктөмүңдү.

Сагындым чолпон жылдыз таңдарыңды,
Жол карап түнү койгон шамдарыңды,
Жарк этип күлөр белең Асылжаным,
Баш ийип, тизе бүксөм жалбарыңкы.

* * *

Карагым ушунчалык ойго салдың,
Көңүлгө жоо чапкандай коого салдың.

Ойлончу, чычалабай шам чырагым,
Турмуштун аркы-берки татаал жагын.

Карагым, сен капасың суздугума,
Көңүлүң иренжиткен муздугума.
Мен дагы сүйсөм деймин, не кылайын,
Жүрөк көнбөйт, ишенсеңчи чындыгыма!

Карагым, жүрөгүмдү мышык тырмайт,
(Ал мышык түн жарымында боздоп ыйлайт).
Билесиң азабымды өзүң жакшы,
Жарасы айыкпастан улам ырбайт.

Карагым, ушунчалык ойго салдың,
Көңүлгө жоо чапкандай коого салдың.
Ойлончу, чычалабай шам чырагым,
Турмуштун аркы-берки татаал жагын...

## АКЫЛ АЙТЧЫ

Асылжаным: чарт-чурт эткен чагылганым!
Өзүң үчүн алоолонуп жагыламын.
Буйрук берсең — бут жагыңа жыгыламын
Тизе бүгүп, көз жаш төгүп жалынамын
Тилим алсаң: өмүр бою жагынамын,
Эркелетип, жалын чачып кагыламын.
Оттой ысык илебиңе багынамын,
Алыс жүрсөң — куса болуп сагынамын,
Теңсинбестен ара жолго таштап кетсең,
Акыл айтчы, шордуу жан мен не кыламын?

## АСЫЛ ЗАТ

Таң эртеңден көңүлүмдө жыйналып,
Кыжалаттык уусун чачып соймолоп.
Туралбаймын төшөгүмдөн онтолоп,
Коз тунарып оорусунан кыйналып.

Бүт денеме уюп калды коргошун,
Кайсы достор айыктырат дарылап.
Күндө барат бул жаратым арылап,
Азабымда күнөөлүүлөр оңбосун.

Жүрөгүмдө сен дарыгер — асыл зат,
Айыгайын жалыныңдан куллуруп.
Кайгы билбей кубанычта кутуруп,
Асылжаным жалдыратпай кол узат...

* * *

Ишенбегин шаңкылдаган күлкүмө,
Мен жүрөмүн азабымды жашырып
Жүрөгүмдү жалын чагып күнүгө,
Чаңырамын көздөрүмдөн жаш ыргып.

Ишенбегин жаркылдаган түрүмө,
Коңүлүмдө көк уюлдай муз жатат.
Кокусунан ал ордунда сүрүлсө,
Кокуйлатып бүт денемди муздатат.

Ошол кезде көз караят, күн күйөт,
Бүткүл аалам олку-солку термелип,

Чагылгандар кулагымда күркүрөп,
Араң басам алсыз жаным сенделип.

## СЕН ШАШАСЫҢ...

Сен шашасың иштен кийин үйүңө,
Бүгүн эмес, кечээ эмес күнүгө.
Бактылуусуң өз теңиңди сүйүүңө,
Балдарыңдын апалаган үнүнө.

Таалайыңа сыр алдырбай кызганып,
Мен да жөнөйм көңүлүм кош аргасыз.
Баргым келбейт зордогондой кыйналып,
Жымжырт үйгө ээн аралдай балдарсыз.

Бут шилтелбейт желдет күтүп тургандай,
Жүрөк даабайт безеленип апкарып.
Астанамдан бирөө кылыч ургандай,
Кетенчиктейм кире албастан жалтанып.

Мени күтөт көрүстөндөй жымжырттык,
Алсыратып үйдө жалгыз жаткызып.
Көз жашымды жаздыгыма тамызып,
Уктаттырбай узун түндү аткызып.

Жалгыздыкка эчен түркүн ой жоруп,
Ай ааламды чарк айланып кутурам.
Же болбосо жалгыз болуп томсоруп,
Өзүңдү эстеп уйкум келбей отурам.

Куңурт ойлор көкүрөктү тепкилеп,
Тынчтык бербей көңүлүмдөн жол издейт.
Жолоочудай түнөк сурап, черткилеп,
Салам айтам босогодо сиз-биз дейт.

Кээде болом тагдырыма ыраазы,
Жалгыздыкта жакшы ырларым жаралса.
Канткен менен өтүп кетет ызасы,
Жүрөгүмө жаман сезим таралса.

Ошол кезде көз тунарып ич күйөт,
Алыс жактан абылдаган ит үрөт.
Айла таппай калган кезде сүлдүрөп,
Келсең боло кайрат берип сен сүрөп...

Сен шашасың иштен кийин үйүңө,
Бүгүн эмес, кечээ эмес, күнүгө.
Бактылуусуң өз теңиңдин сүйүүнө,
Балдарыңдын апалаган үнүнө...

## КЫЯЛДАРЫҢ БАЛАДАЙ

Көздөрүңдөн жарк этет,
Жашчылыктын оттору.
Көңүлүмдү дегдетет,
Эселектик шоктору.

Эреркелеп сүйлөсөң,
Сезимдерим козголду.

Кабак түйүп, күлбөсөң,
Жүрөгүмө муз толду.

Кыялдарың баладай,
Бир заматта таарынып.
Ошонуңа карабай,
Өзүм калдым багынып.

## ӨТҮНӨМ

Көз карашың көп жактырбай мелтиреп,
Карап койсоң көңүлүмдө тынчтык жок.
Ошол күнү кайырчыдай тентиреп,
Мен боломун кадимки эле «күйдүм чок».

Күлүп койсоң мыйыгыңдан жактырып,
Көңүлүмдө күн жаркырап, жаз келет.
Жин тийгендей эч себепсиз каткырып,
Кубангандан жүрөк чиркин дегдетет.

Катар бассаң колтугумда эркелеп,
Көз алдымда бүткүл дүйнө термелет.
Катып калган сезимдерим элжиреп,
Калган өмүр өлгүчөктү сенделет.

Таштап кетсең теңсинбестен, карабай,
Айлам барбы, тагдырыма өкүнөм.
Өмүр бою арттан ээрчип баладай,
Көңүл калбай, унутпа деп өтүнөм.

## МОННА ЛИЗА

Монна Лиза, Монна Лиза,
Дубалымда сүттөй таза.
Сен жылмайсаң, болом ыза,
Сөз табалбай, сөздөр сыза.

Жылмайганың — шылдыңыңбы
Же сагынткан кылыгыңбы.
Биле албадым чындыгыңды,
Элпек-шайыр сылыгыңды.

Калем саптай манжаларың —
Миздери курч канжаларың.
Айтып бүткүс ажарларың,
Билем жүрөк жараларын.

Кел бийлейли кучакташып,
Тааныштарды ушакташып.
Биз жүрөлү катар басып,
Каткырышып кумар жазып,

Сагынгандай жылмаясың,
Дубалымда сүттөй таза.
Дүйнөдөгү нур аясың,
Монна Лиза, Монна Лиза.

* * *

Капысынан караңгыда кучактадым,
Кучактасам каршы болбой унчукпадың.

Кучактадым, кучактадым — кучактасам,
Кучагыңда жаным жыргап тынч уктадым.

Эртесинде жолукканда унчукпадың,
Салам айтсам бейтааныштай мукактандың.

## АШЫКТЫКТЫН ЫШКЫСЫ

Корком-корком: жинди болуп кетемби,
Ашыглыктын азабынан, дартынан.
Жүрөк туйлап тилегиме жетемби,
Же каламбы колум сунуп артынан.

Ашыглык деп акын Пушкин болжогон,
Сексенинде Гете мөгдөп жаш төккөн.
Эрке жоктур акындарга окшогон,
Кайран Тютчев карыганда кыз өпкөн.

Калсам мейли: эң бир кызык ышкысы,
Кубанычы, сагынычы жалдырап.
Кар качырып, иттер тоңгон кышкысы,
Жүрөк толкуп үмүт үзбөй жол карап.

* * *

Жарк этип карап күлгөнүң,
Жаз күнү менен барабар.
Жалбарып сага жетпеген,
Жалындап жүргөн бала бар...

Күлүңдөп карап койгонуң,
Күз күнү менен барабар.
Күйүгүп сага жетпеген,
Күйүттө жүргөн бала бар...

## САГЫНСАМ

Сагынсам алкымыңдан жыттар элем,
Эркелеп жаш баладай уктар элем.
Сүйлөсөң сөз түгөнбөй таң аткыча,
Мазмунун көңүлүмө тутар элем,
Дүйнөдө жалгыз өзүң жаралгандай,
Мен шордуу элесиңе куштар элем.

Сагынсам көздөрүңдөн өбөр элем,
Жүзүңө көз жашымды төгөр элем.
Жалбарып жалындаган сөздөр айтып,
Тизелеп атан төөдөй чөгөр элем.
Буюрсаң азоо дайра бөгөр элем,
Кармашып кан майданда өлөр элем.

## СЕН ТАЗАСЫҢ

Сен тазасың, тоо суусундай тазасың,
Ичким келет чаңкаганда канбастан.
Жүрсөм деймин баалай билип мазасын,
Өмүр бою көңүл калбай, танбастан
Эгер кокус ушул сөзүм калп болсо,
Так төбөмө түшүп кетсин көк асман.

* * *

Кыялым менин океан
Көргөндө Сизди толкуган.
Жаркылдап күлбөй койсоңуз,
Канатсыз куштай отурам.

Ойлосом оюм көк деңиз,
Түбүнө сүзүп жетпейсиз.
Алыстап Сизден кеткенде,
Арман күн шондо эстейсиз.

* * *

Эртең менен эрингенсип чач тарасаң,
Азил айтсам жароокерим суз карасаң.
Айбым барбы кечирилгис, өзүң айтчы,
Терс карайсың күйүп-жанып кучак жайсам.

Таалайыма ыраазымын, кулдугум бар,
Таң аткычаң сайрап турган булбулум бар.
Эркелесем унчукпастан жер карайсың,
Мен билбеген дагы кандай шумдугуң бар?

Таалайыма ыраазымын, кулдугум бар,
Эстен чыкпай түшкө кирген кылыгың бар.
Телефондон азил айтсам кагып койдуң,
Жашырбачы, дагы кандай чындыгың бар?

## СИЗ ДЕСЕМ

Сиз десем: жаш баладай кубанамын,
Тартынбай чептен барып туу аламын.
Жашырбайм: тереңдеги сырым ушул,
Ар кандай улуу шартка туралмын.

Сиз десем: караңгы түн күндөй жарык,
Шаңдуумун болсом дагы муңдуу гарып.
Ар дайым үмүт үзбөй умтуламын,
Жатса да кең турмушум улам тарып.

Сиз десем: күрүлдөгөн толкун болом,
Токтолбой күүсү менен тоо омкоргон.
Болбосо талыбаган бүркүттөймүн,
Тээ бийик аскаларга шаңшып конгон.

Сиз десем: көктө сызган кыргыекмин,
Жүрөктө бугуп жаткан ак тилекмин.
Турмушта көптү бастым, көптү көрдүм,
Чын сөзүм: сиздей сулуу көрө элекмин.

# ЭСКЕРМЕЛЕР, ЭСКЕРМЕЛЕР





## ЭСКЕРМЕЛЕР, ЭСКЕРМЕЛЕР...

Эскермелер, эскермелер жалын сымак,
Сойлоп чыгат уясынан уулар чылап.
Жан кейитип, көз тунартып өч алгыдай,
Эмне кылдым, тагдырыма кызыталак?

Эскермелер, эскермелер эскирбеген,
Конушуна күнү-түнү кеч кирбеген.
Арт жагынан ок болуп атылсын да,
Закым сымак куйругуна жеткирбеген.

Эскермелер, эскермелер күндөй жарык,
Кучагында эркелеймин, таң агарып.
Басканымда көчөлөрдө жапа-жалгыз,
Байкабастан сүйлөп ием үн чыгарып.

Эскермелер, эскермелер көлдөй терең,
Түпкүрүнө сүзүп улам чөгө берем.

Жер астынан кайнар суудай атып чыккан,
Эскермелер ушунчалык күчтүү белең?

Эскермелер, эскермелер жылан сымак,
Сойлоп чыгат уясынан уулар чылап.
Жан кейитип, көз тунартып өч алгыдай,
Эмне кылдым, тагдырыма кызыталак?

## СЕН ЖӨНҮНДӨ

Сен жөнүндө ойлономун кайрадан,
Башым катып толгономун кайрадан.
Кыйналамын таң атпаган түндөрдө,
Туура келбей болжогонум кайрадан.

Сен жөнүндө түш көрөмүн кайрадан,
Колтукташып бир жүрөмүн кайрадан.
Капысынан түн жарымында ойгонсом,
Мурдагыңдай түнөрөмүн кайрадан.

Сен жөнүндө ыр жазамын кайрадан,
Аяп койбой, көп сызамын кайрадан.
Ойлоп жүрбө, эми кайра келет деп,
Кадимкидей мен ызамын кайрадан.

* * *

Неге ырдадың көл жээгинде муңканып,
Отурганда биз экөөбүз ай жарык?..

Неге ыйладың улутунуп мынчалык,
Көздөрүңдөн мөлтүлдөгөн жаш агып?!!

Эстедиңби кайтып келбес чактарды,
Кубалашып биз ойногон бактарды.
Таарынышып, эртең кайра жарашуу —
Билген жанга андан артык шат барбы?

Эстедиңби мезгилдерди коштошкон,
Эки мүнөт көрүшпөсөк жоктоштон.
Бүткүл дүйнө тарыхында сүйүүнүн —
Болду бекен экөөбүзгө окшошкон?

Эстедиңби татаалдыгын турмуштун,
Жан аяшпас экөөбүздү жоо кылган.
Эгер билсең сүйүү экен чагылган,
Өрт чыгарып арт жагында күл калган...

## ЭСТЕЙСИҢ...

Эстейсиң жаным эстейсиң,
Эстеген сайын кектейсиң.
Эстеймин мен да эстеймин,
Эсимден такыр кетпейсиң.

Жоктойсуң жаным жоктойсуң,
Жоктосоң кызыл оттойсуң...
Оттоймун мен да, оттоймун,
Атылып кетер октоймун...

## КАЙРЫЛБАДЫҢ

Ошол бойдон кайрылбадың сен кетип,
Жол каратып жаш баладай дегдетип.
Жылт-жулт эткен жылдыздардай түндөгү,
Эбак өткөн элестерди эстетип.

Ал элестер — кыска түндөр жайдагы,
Узун сөздөр, унчукпоолор сайдагы.
Ээликтирет, унутулбайт эч качан,
Торгой үнүн тосуп алган таңдагы!

Ал элестер — эң алгачкы кездешүү,
Сыпаа гана, сылык гана Сиз дешүү.
Көкүрөктү кучтүү сезим тепкилей,
Сөз табалбай, көздөр менен дегдешүү.

## АЯЛ СҮЙДҮМ

Аял сүйдүм, кадырладым, сыйладым,
Жанды төшөп азабына кыйналдым.
Ошол аял найза сайды жүрөккө,
Арман ичте, күйүт ичте ыйладым.

Ант беремин аял затты сүйбөймүн,
Азап чегип жалынына күйбөймүн.
Мейли сүйсүн, мейли күйсүн мен үчүн,
Кыш мезгили ызгаары куч күндөймүн.

Мен ишенбейм аялдардын сөзүнө,
Жалын чачкан жалжылдаган көзүнө.
Мындан ары бал тил салып алдаймын,
Кыпынчалык сыр алдырбай өзүнө.

Жок сулуулар, миң бир ирет жаңылам,
Өзүңөргө өпкөмдү чаап жалынам.
Орой айтсам кечиргиле бир жолу,
Бутуңарга байкуш болуп жыгылам.

Жок, аялдар, аша чаптым, жаңылдым,
Көңүл түштү бир сулууга жаңыдан.
Сыр алдырбай артын ээрчип жүрөмүн,
Нө кылайын сүйүп калсам абыдан?..

* * *

Арабызда солкулдаган көпүрө,
Төмөн жакта күпүлдөгөн дарыя.
Жалтактайбыз кол кармашып өтүүгө,
Болобу деп жалпы журтка жарыя.

Үшкүрөбүз тик карашпай жалтактап,
Болор иштин бардык жагын ойлонуп.
Коштошордо кол кармашып кылчактап,
Жалын болуп, ичибизден толгонуп.

Жылдар өттү биз экөөбүз кас болдук,
Учурунда ачык сырды чечишпей.
Сезим өлүп, көңүл өлүп таш болдук,
Кол кармашып, эркелешип ээрчишпей!

* * *

Эмнеликтен жанды төшөп сүйүштүк,
Эч нерсеге жүргөн кезде жетинбей.
Намыстанып чымыркандык, күйүштүк,
Жолтоолорду, жокчулукту теңсинбей.

Эмнеликтен терс карашып жоо болдук,
Жеткен кезде максаттарга көздөгөн.
Мына бүгүн көз ачылып, соо болдук,
Жатка айланып, экөөбүз тең өз деген?

Билгиң келсе, пендечилик ушундай,
Көзү тойбой көп нерсеге умтулат.
Аягында мергенчинин кушундай,
Албай калып, таш чеңгелдеп умсунат...

* * *

Арабызда ыксыз согуш башталды,
Зарлуу сөздөр жүрөктөргө мээленип.
Жакшы кездер унутулуп ташталды,
Душман болуп өжөрлөнүп ээленип.

Биздин согуш болот окшойт көп кылдык,
Улам токтоп, учуп күтүп башталып.
Өмүр бою өчөшкөндөй не кылдык.
Арабызда жалбырттаган от жанып?

Капысынан — таамай атып жыгууга,
Жаткандырсың азыр дагы от жасап...

А мен болсом сени жеңип чыгууга,
Издеп жатам ырларыма укмуш сап.

## СҮЙГӨНҮМ ЧЫН

Сүйгөнүм чын үмүтүмдү жоготуп,
Далай кыздан бир өзүңдү тоготуп.
Сен теңсинбей текебердүү сүйлөсөң,
Өзүмдү өзүм шашпагын деп соороту п.

Сүйгөнүм чын амалым жок томсоруп,
Эртели-кеч үмүт үзбөй жол тооруп,
Көрбөй калсам карааныңды ошол күн,
Кыйналчумун ар нерсеге бир жоруп.

Сүйгөнүм чын көз жаш менен кат жазып,
Жообун албай ара жолдо өң азып.
Сүйөм деген куш тилиндей катыңды,
Кучактагам жүрөгүмө бек басып.

...Жараланып миң жеринен жүрөгүм,
Азыр деле бир өзүңдү сүйөмүн.
Не кылайын, айыбыңды кечалбай,
Уу жуткандай жанталашып күйөмүн.

* * *

Түшүмдө биз экөөбүз жарашабыз
Эрчишип, кол кармашып кумар канбай.

* * *

Эмнеликтен жанды төшөп сүйүштүк,
Эч нерсеге жүргөн кезде жетинбей.
Намыстанып чымыркандык, күйүштүк,
Жолтоолорду, жокчулукту теңсинбей.

Эмнеликтен терс карашып жоо болдук,
Жеткен кезде максаттарга көздөгөн.
Мына бүгүн көз ачылып, соо болдук,
Жатка айланып, экөөбүз тең өз деген?

Билгиң келсе, пендечилик ушундай,
Көзү тойбой көп нерсеге умтулат.
Аягында мергенчинин кушундай,
Албай калып, таш чеңгелдеп умсунат...

* * *

Арабызда ыксыз согуш башталды,
Зарлуу сөздөр жүрөктөргө мээленип.
Жакшы кездер унутулуп ташталды,
Душман болуп өжөрлөнүп ээленип.

Биздин согуш болот окшойт көп жылдык,
Улам токтоп, учуп күтүп башталып.
Өмүр бою өчөшкөндөй не кылдык.
Арабызда жалбырттаган от жанып?

Капысынан — таамай атып жыгууга,
Жаткандырсың азыр дагы от жасап.

А мен болсом сени жеңип чыгууга,
Издеп жатам ырларыма укмуш сап.

## СҮЙГӨНҮМ ЧЫН

Сүйгөнүм чын үмүтүмдү жоготуп,
Далай кыздан бир өзүңдү тоготуп.
Сен теңсинбей текебердүү сүйлөсөң,
Өзүмдү өзүм шашпагын деп сооротуп.

Сүйгөнүм чын амалым жок томсоруп,
Эртели-кеч үмүт үзбөй жол тооруп,
Көрбөй калсам караанындды ошол күн,
Кыйналчумун ар нерсеге бир жоруп.

Сүйгөнүм чын көз жаш менен кат жазып,
Жообун албай ара жолдо өң азып.
Сүйөм деген куш тилиндей катыңды,
Кучактагам жүрөгүмө бек басып.

...Жараланып миң жеринен жүрөгүм,
Азыр деле бир өзүңдү сүйөмүн.
Не кылайын, айыбыңды кечалбай,
Уу жуткандай жанталашып күйөмүн.

* * *

Түшүмдө биз экөөбүз жарашабыз
Эрчишип, кол кармашып кумар канбай.

Өңүмдө душман өңдүү карашабыз,
Баш ийип, салам айтып, алик албай.

Түшүмдө антташабыз көз жаш төгүп,
Олжобай-Кишимжандай кучак жайып.
Өңүмдө сен ушактап, өзүм сөгүп,
Жүрөбүз сөзгө келбей, кимде айып?

Тилеймин түбөлүккө уктасам деп,
Ойгонбой кумар канып кучагыңда.
Тилеймин бир өзүңө ыктасам деп,
Мажнундай жаным төшөп бут жагыңда.

Кантейин! Таң атат да, уйку канат.
Бүлбүлдөп түштөгүлөр алыс качат.
Уйкумдан ойгонгонго атаганат,
Эриксизден каргыш айтам-ата наалат!

**ТҮШҮМДӨ**

Түшүмдө чымыркanып тоолор ашам,
Аскага араң чыгып атың жазам.
Акактап эрме чөлдө илкип басам,
Карааның жылт көрүнүп таппай калам.

Түшүмдө бүркүт болуп шаңшып учам,
Күүлөнүп, атырылып айга сызам.
Үстүңдөн тик качырып көңүл ачам,
Эсте жок жүрөктөгү жүргөн ызам.

Түшүмдө кыйналамын сүйлөп — жөөлүп,
Кокустан поезд кулап, өзүң өлүп.
Кайгырам кабыргалар миң сөгүлүп,
Ойгонсом жаздыгыма жаш төгүлүп.

## ТҮШҮМӨ НЕ КИРЕСИҢ

Түшүмө не киресиң чачың орүп,
(Эрикпей кыз кезиңдей кыркка бөлүп)
Жылмакай чачтарыңдын арасынан,
Караба: эрдиң тиштеп, жашың төгүп...

Түшүмө не киресиң ойноп-күлүп,
Айыккан жүрөгүмө салып бүлүк.
Кол создуп, кучак жайып талпынсаң да,
Кантейин, жанып турган денем өлүк.

Түшүмө не киресиң мукактанып,
Айбыңды баары билген улам танып.
Дайыма сүйлөө керек акыйкатты,
Жатса да бул дүйнөдө жер тутанып.

Түшүмө не киресиң ыйламсырап,
Калп эле аны сурап, муну сурап.
Эч качан биздин жолдор биригишпейт,
Кетсе да аял заттын баары куурап.

Түшүмө не киресиң кайталанып,
Түнөрүп кун күйгөндөй туталанып.

Айтчы сен өз мойнумда күнөөм барбы?
Кетейин күнөөм болсо куйкаланып.

Түшүмө не киресиң күлүп-жайнап,
Эркелеп кулач жайып, беттен аймап.
Айтчы сен, өз мойнуңда күнөөң барбы?
Кечирем, айыбыңды жаным кыйнап.

## ЫР ЭЛЕҢ...

Ыр элең жүрөгүмдөн атып чыккан,
Ыр элең жүрөгүмдө жатып чыккан.
Таң калам: ким ойлоптур билгендерден,
Экөөбүздү кол үзөт деп ашыктыктан?..

## УШУЛ БЕЛЕ СЫЙЛАШЫҢ!

Асыл жаным кадырыма жетпедиң,
Сүйгөн сайын ошончолук кектедиң.
Өтүп кетти жүрөгүмө ок болуп,
Жан күйгүзүп жабыркаткан кептериң.

Асыл жаным урматымды тепседиң,
Сүйсөм сени кыпынчалык сезбедиң.
Жакшы эмес го жан күйгүзүү күн сайын,
Жара баскан жүрөгүмдү эзгениң.

Кимге керек себеби жок ыйлашың,
Көз жаш төгүп, сүйбөйсүз деп кыйнашың.

Оттой жанган көңүлүмдү муздатуу,
Айтчы жаным ушул беле сыйлашың?

## АЙТЧЫ СЕН...

Айтчы сен, кадимкидей күлөсүңбү,
Мемиреп тынч уйкуңда таңды жарып.
Же сен дагы түштөрүңдө өлөсүңбү,
Өзүмдөй эрме чөлдө болуп карып.

Айтчы сен, түштөрүңдө туйлайсыңбы,
Эркелеп таң аткыча уктап жатып.
Өзүң да шордуу жаным ыйлайсыңбы,
Ойдолоп жаздыгыңа жаш кургатып!

## КЕЗИКСЕҢ

Кезиксең кең шаарыма батпай калам,
Жер тарып, куурулгансып бүткүл аалам.
Удургуп туш келди эле качып жөнөйм,
Алыстап жок болгуча сенин караан...

Кайрадан караанынды таппай калам,
Көңүлсүз көркко түшүп асыл калаам.
Жаз кездей жолуң карап күтсөм деймин,
Жаркылдап айтып сага сүйгөн салам.

Антпеймин: жолукканда терс караймын,
Кантейин: жүрөгүмдө жок ырайым.

Унутпай кылым бою кектегендей,
Кечиргис айбың бар го, не кылайын?

## АКТАНАСЫҢ...

Актанасың, актанасың, актанасың...
Айбыңдын бирин койбой бүт танасың.
Ак караны, калыс турган журт билет го,
Чычалаба! Түшүнбөгөн кандай жансың!

Актанасың, актанасың, актанасың,
Аттаганда үй-жайыңдын астанасын.
Кылмыш иштер кырк жылда билинет го,
Эмнеликтен жан корголоп сактанасың!

## КҮЙӨ БЕРЕТ

Тик карабай аткый тиштеп бармагың,
Эмнеликтен үшкүрөсүң ардагым.
Айтпасаң да түшүнөмүн ар жагын,
Көкүрөктө күйүп жатат арманың.

Күйө берет — миң жеринен тутанып,
Күйө берет — жалын болуп, от жанып.
Күйө берет — турсаң дагы кубанып,
Күйө берет — гүл кукумдөп куралып...

Өкүнттүң-өкүнткөнүң өкүнүчтүү,
Өч алдың — аңдып жүрүп өтө күчтүү.

Айыкпайт жүрөгүмө салган тагың,
Айтчы сен, жылан белең уулуу тиштүү?

## ЖООП КАТ

Алтын чач терең катмар сезимдесиң,
Жаштык чак жалбырттаган кезимдесиң.
Канчалык жер каратып кетсең дагы,
Баары бир, унутпаймын эсимдесиң.

Алтын чач жалындаган көңүлдөсүң,
Арттагы жаштык деген өмүрдөсүң.
Канчалык талпынсаң да жолдор башка,
Кур бекер ысык жашың төгүлбөсүн.

* * *

Койчу-койчу жоругуңду санатпай,
Жоруктарың жүрөктөгү жарадай.
Эске түшсө жер караткан күндөрүң,
Ыйласам дейм ызаланган баладай.

Койчу-койчу кыялыңды жоктотпой,
Кыялдарың жүрөктөгү курч октой.
Эске түшсө эл каратып кылганың,
Боздосом дейм жаш баладай шолоктой.

* * *

Унутулдуң бүлбүл эткен түштөрүмдөй,
Кош бол эми, түштөн кийин үшкүрүнбөй.

Капылеттен жоруктарың эске түшсө,
Ич калтырап үшүп кетем кыш күнүндөй.

Унутулдуң далай кечкен агын суудай,
Кош бол эми, түштөн кийин көз жаш жуубай,
Калп айттым бейм, ызалыктан асыл жубай,
Эсимдесиң көлдө сүзгөн аппак куудай...

## ЖАЗЫЛА ЭЛЕК ЫРЛАРЫМ

Алды жакта жазыла элек ырларым,
Эң бир кымбат, эң бир асыл сырларым.
Өмүрүмдө жарык берер жылдарым,
Чөгүп жаткан төө өркөчтүү кырларым.

Келечекте жаркылдаган ойлорум,
Кубанычым, салтанатым, тойлорум.
Аягы жок эң бир татаал жолдорум,
Уктап жаткан ак мөңгүлүү тоолорум!

# КОТОРМОЛОР

*Хафиз*

## КАЙРА КЕЛЧИ...

Кайра келчи айыкпаган жүрөгүмө дары болуп,
Унутулсун азаптарым көңүлүмдөн бүт жоголуп.

Сунчу шарап марттык менен чачасынан махабаттын,
Канбай ичем — алдыбызда болот окшойт орозолук.

Эгер кокус бир кедей жан отко салса чарыктарын,
Азаттыкта сүйгөндөрдүн ойлорунда болот шоктук.

Ашык жардан кабар келсе: «Күтөм сени, сагындым» — деп,
Жооп бергин «Сагындым деп, саргардым деп ошончолук!»

Асыл заттын кишмиш оозу эске түшүп кан жүткүрөм,
Эч бир жанга билдирбестен жолукса деп кызыл жоолук?

Менин катым окуган соң көз жаш төксүн, озондосун,
Суранарым, жан кечпесин, анын өзү эси жоктук.

Сүйгөнүмдүн сугу түшсүн жалгыз гана Хафиз досум,
Жамшид окшоп бул дүйнөгө ыраазы болуп, көңүл толуп.

## А. П. КЕРНГЕ

Эсимде укмуш бир элес:
Жарк этип өзүң көрүнгөн.
Периге окшош сөз жетпес,
Жүзүңдөн нуруң төгүлгөн.

Ызы-чуу турмуш күндөлүк:
Көңүлдү тытса бейкапар.
Жүрөктө жүрдүң түбөлүк,
Түшүмө кирип ар сапар.

Түйшүктө жүрүп күнү-түн,
Унуттум назик үнүңдү.
Өчкөндөй жаркын үмүтүм,
Унуттум сендей күнүмдү!

Туткунда өтүп жылдарым,
Күн көрүп жүрдүм күйүүсүз.
Оргуштап чыкпай ырларым,
Жашадым жансыз, сүйүүсүз.

Мезгилдер жылбай, күн болжоп,
Жол карап бүгүн оолуктум.
Жомоктон түшкөн пери окшоп,
Жарк этип кайра жолуктуң...

Жүрөгүм туйлап кубанып,
Сезгенсип турат жакшылык.
Ырларым чууруп, шык жанып,
Келди дейт, турмуш, ашыглык.

Грузиянын тоолорунда караңгы түн,
Бут алдымда Арагва да чамынат.
Көңүлүм суз, жалыны өчпөс үмүтүм.
Жалгыз сен деп, жалгыз сага жалынат,
Сенден башка эч бир жанды ойлобойм.

**Сен деп күйөт, жалгыз сага чырмалат,**
**Жүрөк чиркин жалындабай, ойнобой,**
**Жаштык чакта сүйбөй кантип туралат.**

## ЭНЕМЕ КАТ

Эсенсиңби, куулусуңбу энекем,
Мен тирүүмүн. Кат жазамын апкарып.
Ырыс конуп, ашып-ташып берекең,
Түтүн булап, үйүң болсун жапжарык.

Кабар угам зейинимди козгогон;
Кийип алып эски жаман тонуңду.
Бороон күнү көз ачырбай боздогон,
Карай берип кыйналды деп жолумду.

Караңгыда үйдө жалгыз зиркиреп,
Элестейсиң дайым шумдук көрүнүш.
Канжар тийип, каным агып диркиреп,
Өлгөнүмдү кайып кезде көнүмүш.

Жок энеке! Анын баары кур элес,
Берилбеген асан-кайгы жөөлүгө.
Сенин уулуң жерде калган мас эмес,.
Макул да эмес, сени көрбөй өлүүгө.

Кадимкидей боорукерим, иш түзүк,
Сөзүн укпай ала бербе жемеге.
Тилегим бар тентектиктен кол үзүп,
Барсам деген биздин жапыс кепеге.

Мен барамын аппак болуп биздин бак,
Шагы ийилип, гүлдөп турган учурда.
Өтүнүчүм ойготпогун кулактап,
Ойготкондой жети-сегиз жыл мурда.

Козгой көрбө, дарттарымды унуткан,
Эске салба, аткарылбас ойлорду.
Жаш чагымда жоготуулар куруткан,
Бул турмушта эчен басып жолдорду.

Үйрөтпөгүн намазыңды бекерге,
Эскиликке кайрылуу жок сандалып.
Кубанчымсың, тирегимсиң энеке,—
Асмандагы ай-күнүмсүң жапжарык.

Мындан ары көп ойлонуп санаба,—
Улам-улам карай берип жолумду.
Жамгыр жааган, күн бүркөлгөн авада,
Кийип алып эски жаман тонуңду.

1924-жыл.

* * *

Кош болгун, досум, кош болгун,
Элесиң калды жүрөктө.
Сагыныч, көксөө көп жолкуң,
Болот бейм эми көз өтсө!

Кош болгун, досум, айрылып,
Бир жүргөн кезге ырахмат!

Өлүмдө жоктур жаңылык,
Жашоодо болбос ырахат!

*Никола Вапцаров*

* * *

Кармашуу өтө катуу — жан талашып,
Кармашуу эл айткандай эпикалык.
Мен өлсөм, башка бирөө ордум басып,
Жок болсом бул дүйнөдөн бир макулук.

Шум ажал — андан кийин курт-кумурска,
Кейиш жок,— себеп издеп антип-минтип,
Ишен элим, эң алдыңкы катарда,
Келебиз туу көтөрүп, жер силкинтип.

1942.

## КОШТОШУУ

*Аялыма*

Сүйгөн жарым көп болормун түшүңдө,
Үйгө кирип мейман өңдүү алыстан.
Жалдытарып ээн көчөдө күттүрбө,
Дарбазаңа кулпу салып капыстан.

Үйгө кирип унчукпастан отуруп,
Көз жиберем сен уктаган балышка.

Көңүл тынчып, көңүлүмдү толтуруп,
Жыттап сени кайра кетем алыска.

14 саат. 23. VI. 42.

*Мустай Карим*

*Чыңгыз Айтматовго*

Өмүрүм тынымы жок оюн болду,
Мен өзүм — бирде бийик, бирде пас.
Жубум так болуп, бөксөм ашып толду,
Дайыма жамандык-жакшылык аралаш.

Дайыма ийгиликте жоготуу бар,
Бакытта үлүшү бар жамандыктын.
Сүйүүнүн жыргалы көп, арт жагы тар,
Азабы эзип салат махаббаттын.

Көңүлдө уят-сыйытым жеңип чыкса,
Шол замат козголушат шайтандарым.
Өз жаным дүңгүрөгөн мактоо укса,
Сыздаймын жерге карап, келип арым.

Чек өтөт бейм как жүрөктү тең жарып,
Нур менен караңгыны кезиктирбей.
Мелтилдеген чоң кубаныч апкарып,
Жетпес үчүн бакытка күйүп тердей.

Өмүрүм тынымы жок оюн болду,
Тагдырым — бирде бийик, бирде пас,

Жубум так болуп, бөксөм ашып толду,
Дайыма жакшылык-жамандык аралаш.

Тагдырым эркелетип жигит болдум,
Изденип чымырканып эрдик таптым.
Кайгыдан, жоготуудан татаал жолдун,
Ээ болдум добушуна акындыктын.

*Ибрагим Юсупов*

## МЕН СҮЙӨМҮН КЫРГЫЗДЫН АЛА-ТООСУН

Табият тойлоп жаткан жашыл айыл,
Нык тартып ак боз үйдүн үзүп боосун.
Адамзаттын бир бийик арманындай,
Мен сүйөмүн кыргыздын Ала-Тоосун.

Көңүлүмдө мен Токтогул, Чынгыз болуп,
Кыялым гүл терүүдө бир кыз болуп.
Ала-Тоо сени көрсөм кубангандан,
Кетсемби дейм түбөлүккө кыргыз болуп.

Анткени, бул тоолордун кар төбөсү.
Туугандыктын, достуктун «нар төбөсү».
Жашасын Ала-Тоону бийик кылган,
Кыргыздын Лениндик мертебеси.

Өткөн кезде түрдүү көз караш болуп,
Не деген доорлор өттү талаш болуп.

Ала-Тоо миңдеп жылдар кыргыз сени,
Коргосун кудуреттүү Манас болуп.

Калк тоосунан, тоо калкынан паана тапты,
Тар кечүүдө каршы алып далай жоосун.
Кыргызды ырыс таштап кетсе дагы,
Кыргыздан таштабаган Ала-Тоосун.

Бул тоолор азыр көрсөң багы бостон,
Мартчылык, бакыт, шаттык, ырыс басқан.
Тоого жагып коммунизм шам чырагын,
Күрүлдөй бер Советтик Кыргызстан.

Ала-Арча суу күркүрөп ташат экен,
Аттуу кыздай шакылдап качат экен.
Ала-Тоо неге мынча сулуу десем,
Кыргыз деген сулуу калк жашайт экен.

Ала-Тоо сен дүйнөдө бир экенсиң,
Тоо болуп уюп калган ыр экенсиң.
Кулап кетпей сени кантип турат десем,
Кыргыздарга таянган улуу кыр экенсиң.

***Фариза Окгарсынова***

* * *

Менде бир толгонуу бар.
(Кээде өзүм да түшүнбөймүн),

Добул күндөгү дарыянын күчүндөй бир
Баягы биздин кырда туяк тилип,
Байге алган ак тулпардай дүрүлдөймүн.

Ошол кезде аягы жок бир сырдаймын,
Жүргөнсүймүн жаркылдап кашында Айдын.
Мынабу бейжай дүйнөнү силкиндирип,
Таң калтырбай таптакыр басылбаймын.

Жаңылсам кечир деп өтүнбөймүн,
Чакыр, өмүр, адилет сотун мейлиң.
Айтор мен жалтаңдап, жалбарынып,
Өзүм кылган ишке өкүнбөймүн.

Менде бир өзгөчөлүк бар,
(Кээде өзүм да түшүнбөймүн),
Дал сендеги куштарлык күчүндөй бир.
Шондуктанбы — кыз өткөргөн өмүрүмдү,
Кубаныч-кайгым менен ичип-жеймин.
Ушул сезим алоолоп бойдо турса,
Эч качан кечирбеймин.

* * *

Мен бир кызык адаммын:
катаал тагдыр түйшүктөн көп сынаган,
Жыгылсам да эч качан тынчыбаган,
Журтка деген ызадан буулукканда,
Айыпсыз өзүңдү тилдеп алам.

Сен көк жалсың — билемин.
Мага гана ийилип кичиресиң,
(Ийилүү да бул күндө кишиге сын),
Кубанычтын мен үчүн не экенин
бул жалганда сен гана түшүнөсүң.

Ыр жазбасам жабыгармын,
Ансыз мага дүйнө жел өткөндөй,
Эл билбейт — жүргөнүмдү неге билбей.
Ал сен болсоң унчукпайсың-тымпыяčсың,
Ошондон сага пайда келериндей.

Жандар көп кой,
Жакынсынып карап жүргөн көтөрмөлөп...
Жанымда болсоң дагы менин бөлөк,
О, мен кээде корком эл ичинде
Жалгыздыктан жарылып кетемби деп.

Мен өзгөнүн көзүнө
ашынган жанмын, муңсуздаймын,
Билбейт алар — көзүмдө тунса да кайгым.
Ыйласам да, күлсөм чындык сөзүм,
Сенин гана жаныңда кымсынбаймын.

Сен жакынсың жаныма,
Мейли өзүм менен күн-түн эгеш,
Башкалар менен күлгөнүм—күлкү да эмес.
Дос көп болсун дешет. Сендей достун
Көп болушу адамда мүмкүн да эмес.

* * *

Кеттиң... Эми жаныма жанашар ким?
(Мен шордуу да, кантейин, аргасызмын).
Андан бери көңүлүм муңга толду,
Андан бери, айтор мазасызмын.

Сен кеткени тоо жактан жел өтпөдү
гүл дагы солуду бейм белестеги.
Экөөбүздү бир арман бириктирип,
Экөөбүз да муңубуз да бир эмес беле?

Көңүл калып өмүрдүн көп жагынан,
Бүт оюмду өзүң кеткен жакка бурам.
Эми ким менен кошуп үн саламын,
Эми кимге сырымды аңтарамын.

Кантсем экен:
Элесиңди аппак таштан чексем бекен,
Же болбосо бир өзүңө жетсем бекен?
Тургузуп ак төшөктөн жети түндө,
Ээрчитип эл билбес жакка кетсем бекен?

* * *

Экөөбүзбүз, отурабыз унчугушпай,
Сен Күн чыгыш, мен болсом Күн батыштай.
Бул үнсүздүк канча бир өмүр сүрмөк,
Жүрчү элек го ойноп-күлүп эркин куштай.

Неге-неге ушунча алыстадык,
Азап чеккен жүрөктү аяшпадык.
Сен отурасың жигитче көктүк менен
Алдымда ийилүүгө намыстанып.

Өзүмдө күнөө бар деп муңга баттым,
Куп деп баш ийип тил албапмын.
Асманды көтөргөндөй отурамын,
Көгөрүп, намыстанып болуп салкын.

Койчу жаным, пайда барбы мындан тапкан,
Жүдө тартып отурабыз бул азаптан.
Биз экөөбүз сыйлашпай, эмнеликтен
Таттуулукту күтөбүз мынабу журттан.

# МАЗМУНУ


| | |
|---|---|
| Куса болуу | 7 |
| Мекеним барда, мен бармын | 7 |
| «Басканымда кызыл аянт үстүнөн...» | 8 |
| Ала-Тоодо салтанат | 8 |
| «Барып калсам атактуу ГЭС Токтогулга...» | 9 |
| «Таалайдын суусу Нарынбы...» | 10 |
| Пушкин ага | 10 |
| Жамгыр жөнүндө толгонуу | 11 |
| Эне жөнүндө ырлар (Апама) | 12 |
| Апамдын мүрзөсүндөгү сөз | 13 |
| «Кайгыдамын, кайгым менин океан...» | 14 |
| Ысык-Көл ырлары (1. Ыйык-Көл) | 15 |
| 2. Ысык-Көлүм | 15 |
| Ысык-Көлдүн толкуну | 16 |
| Көл жатат | 17 |
| 3. Сиз Ысык-Көл | 17 |
| Көңүлүмдө көл толкуйт | 18 |
| Өмүрүмдүн жылдыздары | 18 |
| Испания, Испания!.. | 19 |
| Ата мурас | 20 |
| Туулган айылым жүрөктө | 21 |
| Айлым бар... | 22 |
| Туулган айлым өсөрүм | 22 |
| Алай мотивдери | 23 |
| Болгар ырлары | 27 |
| «Кыз-келини назик экен болгарлардын...» | 28 |
| Ош шаарым | 29 |
| Атак жөнүндө | 29 |
| Жашоо керек | 30 |
| Жашоо кызык | 31 |
| Жолдошторго кыйрылуу | 31 |
| Арноолор (Куттуктоо) | 32 |
| Эмнеликтен түштөрүм кан? | 33 |
| Алыкул ак боз атка камчы басат | 33 |
| Бүбүсаранын эстелиги | 34 |

Cooронбайга азил кат . . . . . . . . . . . . . . 35
Күлдүгүм бар . . . . . . . . . . . . . 36
Китебиң жок . . . . . . . . . . . . . 36
Бексултанга . . . . . . . . . . . . . . 37
Уйкум келбейт . . . . . . . . . . . . . 37
Акын досума кат . . . . . . . . . . . . 39
«Бала кезде жорго минип желдирбедим...» . . . . . 41
Түнкү толгонуу . . . . . . . . . . . . 41
Каркыраларга кайрылуу . . . . . . . . . . 41
«Кеч күздө жалбырактар саргайып...» . . . . . . . 42
Жаз жамгыры . . . . . . . . . . . . . 43
Бирөөгө . . . . . . . . . . . . . . . 43
Жай акпаймын . . . . . . . . . . . . . 44
Мезгил жеңет . . . . . . . . . . . . . 44
Мынчалык . . . . . . . . . . . . . . 44
Мүнөздү талдоо . . . . . . . . . . . . 45
Эр жигитке насаат . . . . . . . . . . . . 45
Таалай жөнүндө ойлонуу . . . . . . . . . 46
Карылык жөнүндөгү ыр . . . . . . . . . 47
Бешик ырлары . . . . . . . . . . . . . 48
Моюнга алуу . . . . . . . . . . . . . 49
Досум десем . . . . . . . . . . . . . 50
Ыракмат . . . . . . . . . . . . . . . 50
Гамлет, Гамлет... . . . . . . . . . . . . 51
Таарыныч . . . . . . . . . . . . . . 51
«Түшүнбөсөң адамдардын тагдырын...» . . . . . . 52
Сокурбай менен Котурбай . . . . . . . . . 52
Ушакчыларга жооп . . . . . . . . . . . 53
Бир баяттар . . . . . . . . . . . . . 54
Жашасын сендей сулуулук . . . . . . . . . 59
Даанышман . . . . . . . . . . . . . . 60
Эсиңде бекен? . . . . . . . . . . . . . 61
Кут болсун . . . . . . . . . . . . . . 62
Тил албайсың... . . . . . . . . . . . . 63
«Мендеги ойлор жап-жарык...» . . . . . . . . 64
«Жакпадым сага жакпадым...» . . . . . . . . 64
«Кезигип калсаң ар дайым» . . . . . . . . . 65
Сагындым . . . . . . . . . . . . . . 65
«Карагым ушунчалык ойго салдың...» . . . . . . . 65
Акыл айтчы . . . . . . . . . . . . . 66
Асыл зат . . . . . . . . . . . . . . 67
«Ишенбегин шаңкылдаган күлкүмө...» . . . . . . 67
Сен шашасың... . . . . . . . . . . . . 68
Кыялдарың баладай . . . . . . . . . . . 69
Өтүнөм . . . . . . . . . . . . . . . 70
Монна Лиза . . . . . . . . . . . . . . 71
«Капысынан караңгыда кучактадым...» . . . . . . 71
Ашыктыктын ышкысы . . . . . . . . . . . 72
«Жарк этип карап күлгөнүң...» . . . . . . . . 72
Сагынсам . . . . . . . . . . . . . . . 73

Сен таласың . . . . . . . . . . . . . . . . 73
«Кыялым менин океан...» . . . . . . . . . . 74
«[illegible] менен өрингенсип чач тарасаң...» . . . . . . 74
Сен десем . . . . . . . . . . . . . . . . 75

## Эскермелер, эскермелер

Эскермелер, эскермелер . . . . . . . . . . 79
Сен жөнүндө . . . . . . . . . . . . . 80
«Неге ардадың көл жээгинде муңканып...» . . . . 80
[illegible] . . . . . . . . . . . . . . . . 81
Кайрылбадың . . . . . . . . . . . . . 82
[illegible] сүйүүм . . . . . . . . . . . . . 82
«Арабызда солкулдаган көпүрө...» . . . . . . . . 83
«[illegible] жанды төшөп сүйүштүк...» . . . . . . 84
«Арабызда ыксыз согуш башталды...» . . . . . . 84
Сүйгөнүм чын . . . . . . . . . . . . . 85
«Сүйүүмдө бил экөөбүз жарашабыз...» . . . . . . 85
Сүйүүмдө . . . . . . . . . . . . . . . 86
Сүйүүмө не киресиң . . . . . . . . . . . 87
Бир [illegible] . . . . . . . . . . . . . . . 88
[illegible] беле сыйлашың? . . . . . . . . . . 88
Айтчы сен . . . . . . . . . . . . . . 89
[illegible] . . . . . . . . . . . . . . . 89
[illegible] . . . . . . . . . . . . . . . 90
Күйө берет . . . . . . . . . . . . . . 90
«[illegible] окуткөнүн өкүнүчтүү» . . . . . . . . 90
[illegible] кат . . . . . . . . . . . . . . 91
«Койчу-койчу жоругуңду санатпай...» . . . . . . 91
«[illegible] бүлбүл эткен түштөрүмдөй...» . . . . . 91
[illegible] элек ырларым . . . . . . . . . . 92

## Котормолор

Хафиз. Кайра келчи... . . . . . . . . . . . 92
А. П. Кернге . . . . . . . . . . . . . . 93
Энеме кат . . . . . . . . . . . . . . . 95
«Кош болгун, досум, кош болгун...» . . . . . . . 96
Никола Вапцаров. «Кармашуу өтө катуу...» . . . . 97
Коштошуу . . . . . . . . . . . . . . . 97
Мустай Карим. Чыңгыз Айтматовго . . . . . . . 98
Ибрагим Юсупов. Мен сүйөмүн кыргыздын Ала-Тоосун . 99
Фариза Оңгарсынова. «Менде бир толгонуу бар» . . . 100
«Кеттиң... Эми жаныма жанашар ким?..» . . . . . . 103

**Камбаралы Бобулов**

**РАННИЕ ЗОРИ**

**Стихи**

(на киргизском языке)

Для молодежи

Жаштар үчүн

Редактор М. Болотов. Басманын редактору К. Өгобаев. Худ. редактор К. Сейталиев. Тех. редактор И. Гиберт. Корректор Ш. Мендешева

Фрунзе. Издательство «Мектеп».

И — 479

Терүүгө 14/VII 1977-ж. берилди. Басууга 8/IX 1977-ж. кол коюлду. № 1 типография кагазы. Кагаздын форматы 60×90 1/32, 3,375 физ. басма табак, +0,125 форзац, 3,375 шарттуу басма табак, +0,125 форзац, 3,18 учеттук басма табак,+0,196 форзац. Д—00172. Заказ № 343. Тиражы 4000. Мукабасыз баасы 32 т. Мукабасы 8 т.

720002, Фрунзе ш., Совет көчөсү, 170, «Мектеп» басмасы.

720461, ГСП, Фрунзе, 5, Жигули көчөсү, 102.
Кыргыз ССР Министрлер Советинин басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети. Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты.

40 г.